# ОшМУдан
# МЕДИАГА КАРАЙ…



Ош мамлекеттик университетинин
Окумуштуулар Кеңешинин 2024-жылдын 7-майындагы
№7 отурумунун чечими менен басмага сунушталган.

**Редакторлору:**

**Мапаева Н.А., Нуралиева З.А, Абдиева Ч.И.**

**ОшМУдан медиага карай...**

**Ош, 2024-жыл 146 - бет**

Ош мамлекеттик университетинде билим алып, бүгүнкү күндө массалык-маалымат каражаттарында эмгектенип жатышкан журналисттердин студенттик жылдары, жетишкен ийгиликтери, ОшМУнун 85 жылдык маарекесине карата айткан ойлору, каалоолору киргизилди. Экинчи чыгарылыш.

# ОшМУнун ТУУРУНАН УЧКАН ЖУРНАЛИСТТЕР



*Кудайберди Кожобеков ОшМУнун ректору, профессор*

Журналистика – түмөн-түйшүктүү, ары татаал, чоң жоопкерчиликти алып жүргөн, күн-түнгө, майрамга карабай талыкпай эмгектенүүнү талап кылган кесип.

Бүгүн биз Ош мамлекеттик университетинин 85 жылдык маарекесин белгилеп жатып куттуу окуу жайыбызда билим алып, учурда журналистика жаатында үзүрлүү эмгектенип келе жаткан бүтүрүүчүлөрүбүз тууралуу китеп чыгарып жатабыз. Бул жөн жерден жаралып калган жок. 2014-жылы ОшМУнун 75 жылдык маарекесине карата да устатыбыз Каныбек Исаков агайдын демилгеси менен бул китептин биринчи чыгарылышы басылып чыккан. Агайыбыздын бул демилгесин улантып 85 жылдык маарекеге да кайрадан басмадан чыгарып жатабыз.

Бул маарекелик китепте ОшМУ тууралуу жылуу пикирлерин айткан ар бир бүтүрүүчүбүзгө ыраазычылык билдирем.

Эл аралык, республикалык, жергиликтүү массалык маалымат каражаттарынын дээрлик баарында биздин бүтүрүүчүлөрүбүз эмгектенишет. Ал бүтүрүүчүлөрүбүздүн баары окуу жайдын студенттик “Нур” гезити, “Үмүт” телестудиясында алгачкы чыгармачылык чыйырын баштагандар десек жаңылышпасам керек. Бүгүн да билим алган жаштарыбыздын чыгармачылыгын арттырып, шык-жөндөмүн күчөтүп, журналистикадагы чоң кадамдарды таштоого алгачкы тепкич болуп келе жатат.

Ар бир адамда чыгармачылык жөндөм, шык, талант бар, аны ачып, өрчүшүнө салым кошкон устаттар жана түзүлгөн шарттар болот. Биз окуу жайда бүгүн да бардык тараптан шарттарды түзүп жатабыз. Окуу жай билим берүү-илим-өндүрүш-коммерциалаштыруу тутумдарын бириктирген багыт менен бара жатат. Студенттерибиз билим гана албастан ушул жерде окуп жатып, өзүнүн алгачкы табылгаларын ойлоп таап, аны сатууга алып чыгууну да үйрөнүп чыгышат.



Журналистика адистигине тапшырган таланттуу студенттерибиз үчүн да шарттар түзүлгөн, практика өтөгөнгө, алгачкы эмгектерин жазып, видео материалдарын жасап чыгарганга толук мүмкүнчүлүк бар. Азыр студенттик “Нур” гезити, профессордук-окутуучулук курамдын “Дидактика” гезити, “Үмүт” телестудиясы, окуу жайдын сайты, пресс-кызматы, СММ кызматы баары Коомчулук менен байланыш жана маалымат борборуна бириктирилген. Бардык талаптарга ылайык шарттар түзүлгөн.

Өзүнүн 85 жылдык маарекесин белгилеп жаткан ОшМУнун тарыхы 1939-жылы ачылган Ош мугалимдер институтунан башталат. Окуу жай 1951-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институту болуп түзүлгөн. 1992-жылы Ош мамлекеттик университети

статусун алган. ОшМУ 2017-жылы өлкөбүздүн эң жогорку мамлекеттик сыйлыгы болгон «Даңк» ордени менен сыйланган. Президенттин 2022-жылдагы Жарлыгынын негизинде ОшМУга “Өзгөчө макам” ыйгарылган.

Бүгүн ОшМУ билим берүүдө өзүнүн изденүүсү, умтулуусу менен заманбап талаптарга ылайыкташып тездик менен өнүгүп, эл аралык деңгээлде аброю артып жаткан университет болуп калды деп сыймыктануу менен айта алабыз.

ОшМУдан билимдин, адамдык асыл сапаттардын, жоопкерчиликтин, чынчылдыктын, ыймандуулуктун нурун өзүнө сиңирип, алыстарга канат кере учуп чыккан журналист бүтүрүүчүлөрүбүзгө чыгармачылык изденүүлөрдү, жаңы эргүүлөрдү каалайм. Кайсыл жерде болбогула ОшМУнун беделин көтөрүп, жакшы пикир жаратарыңарга ишенебиз.

# ОшМУ АДАМ БОЛУУГА ҮНДӨГӨНДҮГҮ МЕНЕН ЫЙЫК СЕЗИЛЕТ



***Байыш Төлөнов***
*ОшМУнун филология факультетинин 1974-жылкы бүтүрүүчүсү. «ЭлТР» мамлекеттик телекөрсөтүү жана радио уктуруу компаниясында баяндамачы, редактор.*

Мен адегенде радио журналистика тармагында иштеп, көптөгөн репортаж, интервью, радио очерк жанрларда каармандардын эмгегин, иш ыкмаларын чагылдырып, даңазалап келдим. Ал эми 1984-жылдан телекөрсөтүү тармагында иштеп, иш тажрыйбамды өркүндөттүм.

Жөнөкөй кесип ээлери: пахтакер, кызылчачы, сaанчы, өнөр адамдарынын наркттык очерки жанрында тасмага тартып, көрүүчүлөргө тартууладым. Алардын катарында: Социалисттик эмгектин Баатырлары Тургун Машрапова, Керимбүбү Шопокова, Марийам Узденова ж.б. Өнөр адамдары: Жолон Мамытов, Кармышак Ташбаев, Жолболду Алибаев, Маматибраим Бостонкулов ж.б.у.с. болду. Ошондой эле спорттук көрсөтүүлөрдү даярдадым. Кыргызстан элдеринин I

спартакиадасынан (1996-ж.) баштап, бир нече республикалык мелдештерди алып бардым. «Кытыгы», «Инсан жана мыйзам» аттуу атуулдардын укугун коргогон көрсөтүүлөрдү даярдап, телекөрүүчүлөрдүн алкоосуна ээ болдум.

«Өнөр кесип тандабайт», «Өмүр сереси», «Жолугушуу аянты», «Сөз келгенде» ж.б. программалар өз учурунда татыктуу баага ээ болду. Кыргызстанда бүткүл дүйнөлүк кыргыздардын I курултайын, Курманжан датканын 180 жылдык дүйнөлүк маарекелерин 1991-жылы, Көчмөндөр оюнунун алгачкы уюштурулушун 2014-жылы эфирге ийгиликтүү чагылдырдым.

Көп жылдык эмгек жолумда жетишкен ийгиликтерим да арбын болду.

1980-жылдан СССР, Кыргызстан Журналисттер Союзунун мүчөсүмүн. Көптөгөн сыйлыктардын ээси болдум. Айрымдарына токтолоюн. 1995-жылы КРнын Президентинин Ардак Грамотасы менен сыйландым. 2008-жылы КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер наамын алдым. Дүйнөлүк деңгээлдеги улуу инсандар космонавт аял В.Н.Терешковадан, Пакистандын өкмөт башчысы Б.Бухуто, Ж.Дудаевден интервью алып, телекөрүүчүлөргө тааныштырганмын.

Менин жаштайыман ойлогон максатыма жетүүдө ОшМУнун билим берип тарбияланышыма өмүрдөгү түгөнгүс байлык болду деп эсептейм. Ошо кезде бизге билим берип окуткан Жээналы Шериев,

Акбар Сыдыков, Сүйүнтбек Ибрагимов, Намазбек Бейшекеев, Жумаш Мамытов, Булбул Суранчиева, Жолчубек Бешимов, Мурза Сулайманов кайталангыс илимпоз агайлар болгон. Аттиң дүйнө...

ОшМУ дайыма өмүр сапарында алдыга нур төгүп, адам болууга үндөп, берген билими, тарбиясы менен ыйык сезилет.

Бар бол, ОшМУ!

# ОшМУнун СТУДЕНТИ БОЛГОНУМА СЫЙМЫКТАНАМ



***Жанарбек Акаев***

*ОшМУнун филология факультетинин журналистика адистигинин 2009-жылкы бүтүрүүчүсү. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты.*

ОшМУ мага билим гана бербестен алгачкы иш тажрыйбамды топтоого да жардам берди. Окуу жайда 2-курстан тартып студенттик "Нур" гезитинде, көп өтпөй окуу жайдын «Үмүт» телестудиясында алган билимдеримди практика жүзүндө бекемдеп иштедим.

2008-2015-жылдары «Азаттык» радиосунун кыргыз кызматында эмгектендим. «Ыңгайсыз суроолор» теледолбоорунун алып баруучусу да болдум. 2015-жылы Кыргыз Республикасынын президентинин басма сөз катчысы кызматын аркаладым.

Журналисттик ишмердүүлүгүмдө 2010-жылы Япониянын Токио шаарында өткөн Азия мамлекеттеринин журналисттери үчүн уюштурулган сынакта 2-орунду багындыргам. 2011-жылы «Евразиянын алтын калеми» сыйлыгына татыктуу болуп, ал эми 2014-жылы «Курч калем» сыйлыгын алууга жетишкем.

Студенттик 5 жыл убактым ОшМУдагы жаштардын маданий турмушу менен, кызыктуу иш-чаралардын коштоосунда өттү. Коомдук иштерге жигердүү аралаштым. Ар кандай интеллектуалдык таймаштар, маданий-массалык, коомдук иштер байкасам азыр бир да башка окуу жайда биздин ОшМУдагыдай активдүү өтпөйт экен.

Мен күн сайын университетке шашып, дем алуу күндөрү да келип жүргөн учурларым болду. Студенттер үчүн уюштурулган сынактар абдан кызыктуу өтчү. ОшМУдагы иш-чаралар менин журналисттик кесибиме дагы түрткү берип, активист катары өсүшүмө себеп болду.

Мен ОшМУнун студенти болгонума, дал ушул окуу жайды аяктаганыма абдан сыймыктанам.

Окуу жайымдын 85 жылдык маарекеси кут болсун! Билимдин кени болгон ОшМУнун ийгилиги арта берсин!

# ОшМУ МЕНИН ЖАШТЫГЫМ, БИЛИМ ОРДОМ, БИРИНЧИ СҮЙҮҮМ



***Жыпаргуль Кожоева***
*ОшМУнун орус филологиясы факультетинин 1992-жылкы бүтүрүүчүсү. «ЭлТР» МТРКсынын «Мурас» борборунун продюсери, «Көз караш» ток-шоусунун автору, редактору, алып баруучу.*

*1*996-2005-жылдары «ОшТВ» ТРКсында алып баруучу, редактор, жаңылыктар бөлүмүнүн продюсери болуп эмгектендим. 2005-жылдан ушул убакка чейин «ЭлТР» МТРКсында эмгекнетип келе жатам. Эмгек ишмердүүлүгүмдө 2005-2007-жылдары «Мезгил» жаңылыктар бөлүмүнүн директору, редактору, 2008-2010-жылдары «Кутман таң» борборунун продюсери, 2017-2020-жылдары «Ата Журт» коомдук саясий программалардын продюсери болдум. Учурда «Мурас» маданият борборунун продюсери болуп эмгектенип келем.

1999-жылы Эгемен Кыргызстанга сырттан террористтер бастырып кирип Баткен облусундагы Кожачкан, Зардалы аймактарында кол салуу жүргөндө ошол окуяны жеринен барып чагылдырган өлкөдөгү биринчи журналист болгонмун. Ал эмгегим бааланып 2000-жылы КР Президентинин Ардак грамотасын алган эң жаш журналист аталгам.




Мен окууга тапшырган 1987-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институту (азыркы ОшМУ) Түштүктөгү жападан жалгыз престиждүү институт болгон.

Студенттик жылдарымда М.П. Сидлер, С.В. Нехорошева, Р.Г.Гроза, Т.П.Апполонова, М.И.Трофимов, Н.М.Мурадымов, С.И .Ибрагимов, О.О. Гейнце, ал эми кыргыз тили адабиятынан Т. Аширбаев, П. Ирисов аттуу беделдүү, атагы алыска таркаган мугалимдерден сабак алып, тарбияланып чыктым. Менин жашоомдо кесипкөйлүгүмдүн башаты дал ушул ОшМУда мага сабак берип окуткан агай-эжейлерим десем эч жаңылышпайм.

ОшМУ мен үчүн менин жаштыгым, билим ордом, биринчи сүйүүм, жашоого болгон ишеничтүү кадамым деп айтат элем.

# ОшМУ – КЫРГЫЗСТАНДАГЫ АЛДЫҢКЫ БИЛИМ ОРДОСУ БОЛГОНУ ҮЧҮН УШУЛ ОКУУ ЖАЙДЫ ТАНДАГАМ



***Гүлзат Газиева***

*ОшМУнун филология факультетинин* 1998-*жылкы бүтүрүүчүсү. Учурда эркин журналист, медиа-тренер, устат катары бир нече долбоорлорду ишке ашырып келет.*

Мектеп учурунан райондук жана республикалык гезиттерге кабар, аңгеме, ой-толгоо жазып жүргөндүктөн, журналистикадагы эмгек жолумду Ош шаардык «Ош шамы» гезитинде баштадым. Гезитте кабарчы, калыптоочу, бөлүм башчы, жооптуу катчы, техникалык редактор, башкы редактордун орун басары болуп иштеп, бул аралыкта «Ариет» коомдук-маалыматтык эркин гезитти түптөдүм.

2010-жылдан тарта «5-канал» телеканалында Кыргызстандын түштүк аймагы боюнча кабарчы, 2012-жылы «Ынтымак Медиада» радиодо модератор, сайттын редактору болуп иштедим.

Медиа боюнча жаш журналисттерге жана кесиптештерге 2009-жылдан тарта устат катары тажрыйба бөлүшүп, мастер-класстарды өтүп баштагам. 2013-жылдан «Youth of Osh» коомдук уюмунун долбоорлору боюнча медиа-адис, медиа-тренер болуп иштеп, уюм менен кызматташуу дагы деле уланып келе жатат.

2015-жылы «ЭлТР» МТРКнын Оштогу кеңсесинде жаңылыктар бөлүмүнүн продюсери, 2017-жылы «3-каналдын» жаңылыктар бөлүмүнүн продюсери болуп эмгектендим.

2018-жылдан тарта «Журналисттер» коомдук бирикмесинин Оштогу өкүлү катары аймактагы ЖМК кызматкерлеринин кесиптик ишиндеги маселелер, сөз



эркиндигинин абалы, журналисттерге жасалган басым-кысымдар боюнча мониторинг жүргүздүм, талдоо макалаларын жаздым. Коомдук бирикменин ЖМКлар боюнча маалыматтар базасын толуктоого көмөк көрсөттүм. О.э. республикалык эркин басылмаларда адам укуктары, медианын ролу жана Кыргызстандагы сөз эркиндигинин абалы боюнча макалаларды даярдап келем.

COVID-19 пандемиясы учурунда «Журналисттер» коомдук бирикмесинин демилгеси менен аймактардагы ЖМК кызматкерлерине коргонуучу каражаттарды, санитайзерлерди тараттык. Ал эми элдик толкундоолордо, митингдерде журналисттерге кол салуулар болуп, кесиптик ишин жасап жаткан журналисттерди коргоо үчүн «ПРЕССА» деген жазуусу бар жилеттерди тараттык.

Бейөкмөт жана эл аралык уюмдардын колдоосунда медиадолбоорлордо устат катары медиасабаттуулук, жарандык журналистика, контентти пландоо жана жасоо, медиадагы кастык тили, чечимдер журналистикасы ж.б. боюнча тренингдерди өтүп жүрөм.

«Чек аралаш аймактардагы жаштардын үнү» деп аталган медиадолбоордун биз устаттык кылган катышуучулары учурда активдүү жарандар, айрымдары кесипкөй журналист болуп такшалышты.

Атайын окутуулардан өткөн кесипкөй журналисттер Кыргызстанда медиасын тармагын

жандандыруу жана өнүктүрүү аракетин кылып жатабыз. Медиасынчы катары масс-медиадагы көйгөйлөр жана тренддер, авторлордун контент жасоодо артыкчылыктары жана мүчүлүштүктөрү, сөз эркиндигинин абалы, жалган маалыматтардын жана манипуляциянын кесепети, кесиптик этиканын сакталбашы боюнча талдоо жана сын макалаларды жарыялап жатабыз.

Ош мамлекеттик университети мага билим булагы, кең дүйнөгө ачылган терезе болду. Окуу жайды бюджеттик негизде окуп, ийгиликтүү аяктадым. Кесипкөй, илими терең устаттардан билим, тажрыйба алдым. ОшМУ - Кыргызстандагы алдыңкы билим ордосу болгону үчүн ушул окуу жайды тандагам.

Анткен менен биз окуган учурдагы окуу жайдын техникалык базасын, шарттарын азыркыга салыштырып болбойт. Биздин студенттик учур 1990-жылдардан кийинки кризистүү мезгилдерге туш келди.

Жылдан-жылга ОшМУнун арышы улам кеңейип, окутуу шарттары дагы жакшырып, жаркыраган ыңгайлуу имараттарда терең билим берүү мүмкүндүгү дагы да кеңейүүдө. Окуу жайдын жемиши бул – андан билим-тажрыйба алган бүтүрүүчүлөрүнүн ийгиликтери.

# ОшМУ - БИЛИМ КЕНИМ ТОЛУКТАП, ТҮБӨЛҮКТҮҮ, ИЙГИЛИКТҮҮ БАГЫТЫМА ЖОЛ АЧКАН - КУТТУУ УЯМ!




***Таттигуль Аюпова***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы факультетинин 1999-жылкы бүтүрүүчүсү. «ЭлТР» МТРК «Ата Журт» бөлүмүнүн баяндамачысы.*

Журналистикалык багыттагы эмгек жолумду 2004-2005-жылдары баштадым. Алгач Жалал-Абад облустук «ЖТР» телерадио компаниясына кастинг менен өтүп, дикторлук кызматка кабыл алынганмын. Аны менен катар, телерадиого ар кандай багытта кабарларды, көрсөтүүлөрдү даярдадым.

2006-жылы «ЭлТР» МТРКга которулуп, «Жаңылыктар» бөлүмүндө кабарчы, «Кутман таң» студиясында алып баруучу, жооптуу редактор кызматтарын аркаладым.

2009-жылдан ушул күнгө чейин «Ата Журт» продюсердик бөлүмүндө редактор, ага редактор, 2011-жылдан бери баяндамачы кызматында эмгектенип келе жатам.



2013-жылы «ОшТВ» телерадио компаниясында башкы продюсер (директордун орун басары), 2016-жылы кайрадан «ЭлТР» МТРКда баяндамачылык кызматын улантып, автордук «ЗАКЫМ» социалдык-укуктук иликтөө көрсөтүүсүн жана 2011-жылдары «Эгиздер» реалити-шоуну көрүүчүлөргө тартуулаганмын.

2018-2023-жылга чейин «Издейм сени» социалдык-укуктук көрсөтүүсүнүн авторлошу болуу менен 8 жылдан 20 жылга чейин Орусия, Дагестан, Казакстан жана өз өлкөбүздүн аймагында дайынсыз кеткен адам сатууга туш болгон жарандарды үй-бүлөөсүнө кайтарып келүүгө мүмкүнчүлүктөр түзүлдү.

ОшМУ - билим кеним толуктап, түбөлүктүү, ийгиликтүү багытыма жол ачкан - куттуу уям! Анан да жаштыгымдын эң жалындаган 5 жылдык өмүрүм, бактылуу көз ирмемдеринин изи калган - ордолуу калаам!

Биз орто мектепти бүтүргөн учур өлкөбүздө бир топ кырдаал оор, коопсуздук маселеси да туруктуу болбогондугуна байланыштуу, ата-энем менин жогорку окуу жайга тапшыруума макул болушкан жок. Антседа өжөрлүк менен аларды көндүрүп, 20 жаш курагымда ОшМУдан билим ала баштадым.

Ошол учурдагы Ж.Шериев, К.Оморкулов, А.Токтосунов, Т.Танаев, С.Момуналиев, Ж.Элчиев, А. Айтманбетов, Т.Жороев, К.Исаков, Б.Укуева, А.Кадырова, Б.Темирова жана чет тили мугалими Р.Дыйканбаева ж.б. мыкты педогогдордон татыктуу билим алганымды ар дайым сыймыктануу менен айта алам.

ОшМУ жыл өткөн сайын кулачын жайып, эл аралык деңгээлдеги алдыңкы билим берүү борбору болууга жетишти. Канчалаган ийгиликтерди багындырып, дагы да өсүү жолунда баратканы коомчулукка маалым. Ийгиликтер муну менен эле чектелбей, зоболосу артып, даңкы бүт дүйнө жүзүнө таанылa берсин!

85 жылдык маарекең куттуу болсун сыймыктуу, куттуу - билим уям!

# ОшМУ - БИР ӨМҮРГӨ ЖЕТЕ ТУРГАН БИЛИМ-ТАРБИЯ, СҮЙҮКТҮҮ КЕСИП ТААП БЕРГЕН КУТТУУ УНИВЕРСИТЕТ



***Тургунбай Алдакулов***

*ОшМУнун кыргыз филологиясы факультетинин журналистика бөлүмүнүн 2000-жылкы бүтүрүүчүсү. ОшМУнун «Дидактика» гезитинин редактору.*

ОшМУдан алган билим-тажрыйбам менен жашоодо жакшы эле ийгиликтерге жетиштим. Окуучулук мезгилибизде пайда болгон журналист болуу кыялыбызды ОшМУ, ал жердеги мугалимдер ишке ашырып берди. Журналистика башка кесиптерден айырмаланып, өнөр деп айтсак да туура болот. Анткени, журналистикада жалпы кабыл алынган эреже, нормалардан сырткары Жараткан тарабынан берилген талант, шык, жөндөм да керек. Ансыз, бул тармакта ийгилик жаратуу кыйын. «Жаз, айт, бөлүш!» деп ар дайым жаңырып турган жан дүйнөңдөгү үн, чакырып сени бул ажайып кесиптин ааламына жетелеп кирет. Талыкпай кайра-кайра жазып, ката жазылса кайра баштан жаңыдан жазып, айтор, сөз өнөрүнө астейдил киришпесең, тийди-качты мамиле менен журналист болуп чыга келишиң мүмкүн эмес экен.

Ошентип, журналистика бөлүмүнө окууга келсек, биз күткөн кыялдардын көбү жок болуп чыкты. Адистик жаңы ачылган үчүн материалдык-техникалык база эми эле түптөлүп атыптыр. Мугалимдери да педагогикалык тажрыйбасы жок практик журналисттерден куралып жаткан экен. Биздин маанайыбызды Каныбек Исаков агай байкап калганбы, баарыбызды бир аудиторияга чогултуп, 1 саат сүйлөп берди. Азыркы тил менен айтканда, мотивациялык семинар өткөн экен. Каныбек агай факультеттин ошол кездеги тарбия иштери боюнча орун басары, «Нур» гезитинин редактору болуп иштечү. Агайдын жалындуу сөздөрүнө кадимкидей таасирленип, көзүбүздөн от жанып, журналистикага болгон арзуубуз ого бетер күчөдү.

Жолугушуу бүтөрү менен Назалов Эрнис досум экөөбүз агайдын артынан ээрчип кабинетине бардык. Ошол күндөн баштап Каныбек агай бизди кабарчы,



гезит таратуучу, жooптуу катчы, редактор кылып иштетти. Суроолорду түзүп берип үлкөн окумуштууларга, жетекчилерге интервью алууга жөнөтөт эле. Жазып келген макалабызды оңдоп-түздөп гезитке чыгарып койсо башыбыз булутка жетип, андан бетер журналистикага болгон кызыгуубуз артып, дагы да көбүрөөк иш жасаганга шыктанып калар элек.

Мына ошентип алгачкы эмгек жолум «Нур» гезитинен башталды. Андан кийин эл аралык «Заман Кыргызстан» гезитинде кабарчы, Түштүк боюнча өкүл, ОшМУнун «Үмүт» телестудиясында директор, ректордун маалымат катчысы кызматтарында эмгектендим.

2009-жылдын февраль айынан баштап Ош шаарынын мэриясынын «Ош шамы» гезитинин башкы редактору кызматын аркаладым. Редакциянын маалымат саясатын жаңыдан иштеп чыгып, гезитти Бишкектен түстүү басмаканадан чыгарып баштадык. Тиражыбыз, окурмандарыбыз улам көбөйүп атты. «ЖМКны колдоо борбору» басмаканасы тарабынан уюштурулган гезиттердин республикалык сынагында 2 жыл катары менен «Эң мыкты аймактык гезит» номинациясын жеңип алдык.

2014-жылы «Ош шамы» гезитинен кийин «Ош пирим» ТРКсына аткаруучу директор (2015), «ЭлТР» МТРКсына продюсер (2016), Жалал-Абад облустук МТРКсына башкы директор (2017), КРнын Маданият, маалымат жана туризм министринин кеңешчиси,

министрликтин алдындагы Улуттук маданият борборунун директору кызматтарында (2018) эмгектендим. 2019-жылы кайрадан Жалал-Абад облустук медиа борборуна директор кызматына которулуп, аймактык маалымат каражаттарын оптималдаштыруу жана ирилештирүү реформасына жигердүү катыштым.

2018-жылы журналистикага ынтызар жаштар үчүн кесипке багыттоо, жаңы медиа боюнча окууларды уюштуруу максатында «Идар медиа» маалымат борборун уюштурдум. «Согушту жана тынчтыкты чагылдыруу» институтунун колдоосу менен Ош, Жалал-Абад облустарынын 150дөй студентине медиасабаттуулук боюнча семинарлар өтүлдү. 2020-2023-жылдар аралыгында «Идар медианын» алкагында жаш журналисттер клубу түзүлүп, 3 группа билим, тажрыйба алып чыгышты. Алардын айрымдары учурда белгилүү ЖМКларда иштеп калды. Бул албетте алгачкы тушоосун кескен устаты катары бизди абдан кубандырат.

Биз үчүн бир өмүргө жете турган билим-тарбия, эң башкысы сүйүктүү кесип таап берген куттуу университетибизге ар дайым ыраазыбыз. Биз сыяктуу миңдеген жаштардын багын ачкан, туура жол көрсөткөн бийик мартабалуу ОшМУ менен ар дайым сыймыктанам.

# ОшМУ – МЕН ҮЧҮН ЖҮРӨК ТОЛТОСУНДАГЫ БААЛУУЛУК!



***Нуркыз Кадырбек кызы***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы факультетинин 2001-жылкы бүтүрүүчүсү. Филология илимдеринин кандидаты, журналист, юрист, мамлекеттик жана муниципалдык башкаруунун магистри, мамлекеттик кызматтын 2 класстагы кеңешчиси, Ош шаардык кеңешинин 2 жолку депутаты.*

Биз студент мезгилде «Ошто жашап, ОшМУда окуганыма жана иштегениме сыймыктанам» деген идеология менен окуганбыз. Ошол мезгилде кайра куруудан кийин ар ким алынча аракеттенип, элде бир топ эле жашоо оор мезгил эле, интернет эми жолго коюлуп келе жаткан үчүн, көп убактыбызды китепканада өткөрдүк. Азыр окуу жайда эле эмес, дегеле окууга толгон-токой шарт болсо деле ошол мезгилдеги патриотизм менен кайнаган кызуу студенттик турмуш агымы солгундап башка кызыкчылыктар маанилүүрөөк болгондой сезим калтырат. Мен ОшМУдан кийин 2 ЖОЖду окуп аяктадым, алар да сонун бирок, баары бир мага ОшМУ

адис болууга таштаган алгачкы издерим калып, аябай аракеттенип «эң жакшы» окуп, Жээналы Шериев, Пайзилда Ирисов, Дүйшөнбай Туратов, Кутубек Оморкулов, Бекембай Апыш, Токтосун Ашырбаев, Токтош Танаев, Сатканбай Момуналиев, Тыныбек Нуруев, Асамидин Аттокуров, Жаанбай Элчиев сыяктуу бир катар, андан кийинки да илимпоз устаттардын билимин алып, алкоосуна ээ болгонум менен кымбат!.. Мен ошол мезгилде бюджеттик негизде жогорулатылган стипендия менен катар эле КРдин Президентинин, Өкмөттүн, ОшМУнун окумуштуулар кеңешинин, Мамады Баимбетовдун, Ош облустук администрациясынын стипендияларын алып окудум. Андан сырткары Замир Божоновдун демилгеси менен мыкты окуган 16 студент ошол кездеги ЖК депутаты Баяман Эркинбаевдин каржылоосу менен Ташкентке жолдомо утуп алып, саякаттап келгенибиз бизге өтө эсте калган. Кийин ушул жерде окутуучу, декандын орун басары болуп 21 жыл иштепмин. КРдин «Билим берүүсүнүн мыктысы», «Маданияттын мыкты кызматкери» болдум. Кадыр таптым, илимий ишимди коргодум, саясатка аттанып, депутат болдум.

Айтор, ОшМУ – мен үчүн жүрөк толтосундагы баалуулук! Азыр жаш болуп калсам, кайрадан билим стартын ОшМУдан баштамакмын, бирок, ар бир күндү текке кетирбей, терең билим алуу максатын мурункудан катуу коймокмун.

## ОшМУда ЭСТЕ КАЛАРЛЫК КӨЗ ИРМЕМДЕРИМ КАЛДЫ



***Толкун Эрмекбаев***

*ОшМУнун кыргыз филологиясы факультетинин кыргыз тили жана адабияты (тереңдетип журналистиканы үйрөнүү) адистигинин 2002-жылкы бүтүрүүчүсү. Ош шаардык кеңешинин депутаты.*

Журналистика тармагына 1995-жылы «Керемет» ТРКсынын видеоинженер болуп иштөөдөн баштадым. Окууну аяктагандан кийин журналистика кафедрасында окутуучу болуп эмгектендим. Ошол мезгилде биз обилим берген студенттер азыр жергиликтүү жана чет элдик ЖМКларда эркин журналист, мамлекеттик жана коомдук иштерде жетекчи катары ийгиликтүү эмгектенип келе жатышат.

Ош шаарындагы телерадио компанияларда (Үмүт ТВ, Башат ТВ, Ынтымак ТВ) жетекчи болуп эмгектендим. Мында жумушка келген жаш журналисттерге кеп-кеңешибизди айтып, жол көрсөттүк. Семинар, тегерек стол, тренингтерге катышып, ар кандай долбоорлор менен иштешип, мамлекеттик сыйлыктар менен сыйландым.

Квалификацияны жогорулатуу боюнча чет өлкөлөргө барып окуп, тажрыйба алмаштык. Ошону

менен бирге алган тажрыйбамды ЖМКда иштеген кесиптештерим менен бөлүштүм.

Ош мамлекеттик университети менин жашоомдо өзгөчө орду бар бул жерден билим алдым, дос таптым, ага-инилүү болдум, эмгектендим үй-бүлөлүү болдум. Эң сонун эсте каларлык көз ирмемдер калды. Ош мамлекеттик университетинде окуп билим алганым мен үчүн чоң сыймык.

## ЖАШООНУН ДА КӨП КЫРЫН ОшМУдан ҮЙРӨНГӨМ

***Космосбек Чыдынов***

*ОшМУнун Кыргыз филологиясы факультетинин журналистика адистигинин 2002-жылкы бүтүрүүчүсү. Белгилүү журналист, учурда "Ихлас" курулуш компаниясында директор.*



Мен журналисттик кесипке негизи балачагымдан эңсеп, кыялданып жүрүп жеткенмин. Андыктан бул кесипти университетти толук бүтүрбөй туруп 19 жашымдан тартып иштеп баштаганмын. Биринчи кесиптик кадамымдын тушоосу ОшМУнун алдында түзүлгөн "Үмүт" телестудиясында кесилген. Аталган студенттик телестудиянын ачылышы мени эле эмес, мен сыяктуу журналистиканы эңсеген жүздөгөн жаш чыгармачыл студенттерге чоң мүмкүнчүлүк болгон. Өзгөчө ал учурда тележурналистиканы тандаганың менен, бирок ага жетүү ошончолук татаал болчу. Анткени азыркыдай радио, телевидение деген көп эмес, саналуу кана болгондуктан каалаган жаштарга эшигин ача бербейт эле.

Мен журналистика кесибин тандоо менен көп ийгиликтерге жетише алдым. Студенттик телестудиядан баштап, коомдук биринчи каналга чейин

жетип иштей алдым. Ошол эле биринчи каналдын жооптуу кызматтарында иштеп, маалымат бөлүмүн жетектедим, эл, жер тааныдым, эл мени тааныды. Айтор кесибимдин арты менен жаман болгон жокмун. Шартка байланыштуу мен бир эле кесиптин артынан иштей албадым, бийликтин жогорку 3 тармагында кызмат кылып келдим. КРнын Жогоку Кеңешинде бөлүм жетекчисинин орун басары, КРнын Өкмөтүнүн аппаратында жана вице-премьер министрдин катчылыгында, КРнын Президентинин аппаратында кызмат кылдым. Ал ортодо 2 ирет Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлигимди да койгонго жетиштим. Учурда болсо бир аз тыныгуу жасап, өзүмдүн мүмкүнчүлүгүмдү, дараметимди башка тармакта, жеке компанияларда дагы сынап көрүүнү чечип бир жеке компанияда иштеп жатам.

ОшМУ бул менин эле эмес мында билим алып, кесипке ээ болуп кеткен ар бир жаштын же болбосо адамдын жашоосунун ачкычы. Бийикти эңсеген жаштын тээп чыкчу тепкичи. Мектепте окуп, тамга таанып, жашоого кадам таштайсын, ал эми жашоонун алтын ачкычын сен жогорку окуу жайдан аласын. Кайсыл учурда, кандай мезгилде болбосун ОшМУ бул мен үчүн билим мекеним. Мен бул окуу жайдан бир эле билим эмес, жашоонун да көп кырын үйрөнгөм.

ОшМУ ар дайым бар болсун! Баарыныздардын майрамыныздар менен урматтуу Ош мамлекеттик университетинин жамааты!

# ОшМУ – ЖАШООМО ТААСИР ЭТҮҮЧҮ ЧОҢ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРДҮН ЭШИГИН АЧТЫ



***Миргүл Бокошева***

*Кыргыз филологиясы факультетинин кыргыз тили жана адабияты адистигинин 2002-жылкы бүтүрүүчүсү. Улуттук телерадио корпорациясынын «Ала-Тоо 24» телеканалынын кабарчысы.*

ОшМУнун кыргыз филологиясы факультетинин кыргыз тили жана адабияты адистигинде билим алгандыгым менин эмгек чыйырымдын калыптанышына жана түптөлүшүнө чоң салымын



коштy. Журналистика жаатында катардагы кабарчы, алып баруучу, атайын кабарчы, жооптуу редактор кызматтарында эмгектендим. Ар бир адамдын билим алган жери өзү үчүн улуу жана сыймыктуу. Мен да учурда бардык тараптан өзүнөн мыктылыгын көрсөтүп келе жаткан окуу жайым менен сыймыктанам. Ар дайым жумушумда материалдарды жасап жатканда окуу жайдын жетишкен ийгиликтерин, демилгелерин көрүп дайыма ичим жылыйт, кубанам.

ОшМУнун менин жашоомдо орду чоң. Менин турмушумдун нугун бурду десем да жаңылышпайм. Жашоомо таасир этүүчү чоң мүмкүнчүлүктөрдүн эшигин ачты. Турмуштагы жетишкендиктериме, ийгиликтериме, жашоомо себепкер болду.

Кутуу окуу жайымдын маарекеси кут болсун!

## МЕН ЭЛЕ ЭМЕС АТАМ ДА, АГАЛАРЫМ ДА ОшМУдан БИЛИМ АЛЫШКАН



***Жеңиш Айдаров***

*ОшМУнун табият тануу жана география факультетинин 2002-жылкы бүтүрүүчүсү. «Азаттык» радиосунун Баткен облусу боюнча кабарчысы.*

2002-жылдан баштап журналистикага аралашып калдым. Баткен райондук «Кызыл туу» гезитинде почточу болуп, андан кийин кабарчы, жооптуу редактор, Баткен обулустук «Баткен таңы» гезитинде редактор, 2005-2008-жылдары Баткен облусунун губернаторунун пресс-катчысы, тышкы байланыштар боюнча адис кызматтарында иштегем. 2008-жылы «Азаттык» радиосунун Баткен облусу боюнча кабарчылык кызматы сунушталып, ошол күндөн бери ушул мекемеде иштеп келем. Прага шаарында (Чехия) эки жолу «Азаттык» мекемесинин баш кеңсесинде тажрыйба алмашуудан өтүп келдим. Мындан тышкары бир нече эл аралык ЖМКлар менен да кызматташып, аймактан актуалдуу делген темаларда макалаларды жазгам. Айрыкча чек ара маселелери боюнча жеринен материалдарды көп жасап келем.

ОшМУда окуу мен үчүн турмушта өз жолумду табууга, коомчулук менен иштешүүгө жол ачып, багыт

берди. ОшМУнун көп жылдык тарыхы бар педогогикалык курамы, базасы, билим берүү сапаты өлкөдө алдыңкы ЖОЖ экени мен айтпасам деле белгилүү. 1998-2002-жылдар аралыгында постсоветтик өлкөлөрдө, анын ичинде Кыргызстанда бардык системада кризистик абал жаралганына карабай билим берүү, жаштарды тарбиялоодо ордун жоготкон эмес.

Мен эле эмес менин үй-бүлөмдө атам да, агаларым да ушул университеттен билим алышкан. Мен бул универистеттен жогорку билим алганымды сыймыктануу менен айтып, жашоомдо орду чоң экенин белгилегим келет.

# ОшМУ - МЕНИН КУТМАН БИЛИМ БЕШИГИМ!



***Керимбек Калыкулов***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы факультетинин 2003-жылкы бүтүрүүчүсү. Султан Ибраимов атындагы Ош улуттук драма театрынын директору.*

2003-жылдан 2012-жылга чейин ОшМУнун «Нур» гезитинин редактору, 2013-жылы Ош шаардык «Ош шамы» гезитинин башкы редактору, Ош шаардык мэриясынын басма сөз каызматыннын жетекчиси, 2014-жылдан 2019-жылга чейин “ОшТВ” телеканалынын директору, 2020-жылы “ЭлТР” мамлекеттик телерадио компаниясынын башкы директору болуп эмгектенгенмин. 2017-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйлангамын.

ОшМУнун менин жашоомдогу орду абдан чоң. Анткени мени бул куттуу окуу жай, устаттарым, ага-эжекелерим, кийин чогуу иштешекен кесиптештерим адам катары, адис катары тарбиялап калыптандырды. 10 жылга жакын убакыт ОшМУда иштедим. Менин кийинки иш-тажрыйбам ОшМУ менен тыгыз байланыштуу болду. ОшМУ мен үчүн колуман келсе жакшылык, кызмат кылуучу ыйык окуу жайым, кутман билим бешигим!

# ОшМУ - ТАЛЫКПАГАН ЭМГЕККЕ ЖОЛ АЧКАН ҮЙҮМ!



***Медербек Ниязалиев***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин 2003-жылкы бүтүрүүчүсү. Ош мамлекеттик университетинин маалымат жана коомчулук менен байланыш борборунун директору.*

Эмгек жолум 2004-жылы Баткен облустук мамлекеттик телерадио компаниясына теле оператор



болуу менен башталган. Бул телерадио компанияда 2006-жылга чейин «Айгүл» жаштар продюссердик борборунун жетекчиси, башкы режиссер кызматтарында иштедим. 2006-жылдан 2010-жылга чейин жалпыга маалымдоо каражаттарынын Баткен ресурстук борборунда эмгектендим. 2010-2018-жылдары Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын Баткен облусу боюнча атайын кабарчысы жана Азаттык үналгысынын Ош облусундагы кабарчысы болуп тажрыйба топтогонго аракет кылдым.

Мындан сырткары кино жаатына дагы кызыгып «Куугунтук», «Баткен коогаланынын актай барактары», «Молдо Нияз Эрназар уулу» даректүү тасмаларынын автору болууга дагы жетиштим.

Ош мамлекеттик университети жогорку билимге, талыкпаган эмгекке жол ачкан үйүм.

# ОшМУ - КЫРГЫЗ ТОПУРАГЫНДА ӨНҮП-ӨСКӨН БИЛИМДИ ИНТЕГРАЦИЯЛООЧУ БИЛИМ УЯСЫ!



***Өмүрзак Азимкулов***
*ОшМУнун юридика факультетинин юриспруденция адистигинде 2011-2017-жылдары билим алган. 17 жылдан бери «ЭлТР» мамлекеттик телерадио компаниясында эмгектенип келет.*

Бул аралыктарда журналистика тармагында коомго керектүү программаларды жасаганга аракет кылып келе жатам. Мисал үчүн: «Аманат» саясий-социалдык багыттагы программа (ушул программада ОшМУ тууралуу жетиштүү көрсөтүүлөр аталган университеттин жетекчилигинин катышуусунда даярдалган), «Илим ааламы» автордук программасы (дал ушул программага устатым, филология илимдеринин доктору, профессор Каныбек Исаков тартылган), «Мисал үчүн» автордук программаларын эфир аркылуу элге тартууладым. Чыгармачылыктан сырткары аталган компаниянын «Жаңылыктар», «Кутман таң», «Экономика жана укук» бөлүмдөрүндө продюсерлик кызматтарды да аркаладым. КР маданият жана маалымат министрлигинин, КР билим жана илим

министрлигинин жана ОшМУнун колдоосу менен «ЭлТР» мамлекеттик каналынын алдында «Билим жана Илим» каналы ачылып, анын алгачкы түптөөчүсү, директору болуп 2016-2020-жылдарга чейин иштедим. 2020-жылдан тартып «ЭлТР» МТРКсында башкы продюсер, андан сон программалык редактор, ал эми азыркы учурда «Шибеге» автордук программасын жасап келе жатам.

Ош мамлекеттик университети - менин жашоомдо келечекке карай жол, керемет булак, караңгылыктан жарыкчылыкка чейинки шам чырак болду десем жаңылышпаймын. ОшМУ мен үчүн - кыргыз топурагында өнүп өскөн билимди интеграциялоочу жападан жалгыз Орто Азиядагы билим уясы!



# ОшМУ – ДООР ЧАКЫРЫКТАРЫНА ШАЙКЕШ КАДРЛАРДЫ ДАЯРДАГАН ОКУУ ЖАЙ



***Айбек Абдылдаев***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы факультетинин журналистика адистигинин 2004-жылкы бүтүрүүчүсү. "Азаттык" радиосунда башкы редактору.*

ОшМУ – мен үчүн билим берген гана жай эмес, турмуштун жолун көрсөткөн, адамдагы, коомдогу баалуулуктарды үйрөткөн чоң мектеп болду. ОшМУнун узак тарыхы, көп жылдык тажрыйбалардан топтолгон салттуу жолу бар. Окуу



жайдагы окумуштуулар, мугалимдер өлкөнүн илим тармагын, билим берүүсүн тиреп турган чоң күч.

ОшМУнун менин жашоомдо, чыгармачыл, турмуштук жолумда орду чоң болду. ОшМУдагы мыкты устаттардын айткан насааттары, көрсөткөн жолу, берген билими кайсыл жерде иштебейли бизге жарыгын чачып турат. Азыркы технология өнүккөн доордо, билимге, илимге талап өзгөргөн кырдаалда дагы ОшМУ ошого ылайыкташып, мыкты адистерди даярдоого күч үрөп келе жатат. Жаңы технологиялар бардык кесиптерге болгон талаптарды өзгөрттү. Анын ичинде журналистика акыркы 10-15 жылда өтө тездик менен өзгөргөнүн ичинде жүрүп күбө болуп келатабыз. Бул жагынан алганда ОшМУ доор чакырыктарына шайкеш кадрларды даярдаган Кыргызстандагы алдыңкы окуу жайлардын бири.

# ОшМУ - БИЛИМГЕ СУУСАП ТУРГАН УЯМ!



***Аскарбек Баймуратов***

*ОшМУнун кыргыз филологиясы факультетинин 2004-жылкы бүтүрүүчүсү. Баткен шаарынын мэринин басма сөз катчысы.*

2004-жылдын сентябрь айынан Баткен облустук телерадио компаниясында кабарчы кызматында эмгек жолумду баштаганмын. 2005-жылдын август айынан бул кызматтан бошоп 3 жыл Рават орто мектебинде мугалим болуп иштедим.

2009-жылдын июнь айында кайрадан Баткен облустук телерадио компаниясына кабарчы кызматына орноштум, ушул эле жылдын сентябрь айында башкы редактор болдум. 2010-жылдын август айынан Биринчи радионун Баткен облусундагы кабарчысы жана «Ала-Тоо» маалымат программасынын оператор-монтажеру болуп 2013-жылга чейин иштедим.

2013-жылдан 2015-жылга чейин BBC кыргыз кызматынын Баткен облусундагы кабарчысы жана «TUSHTUK» интернет сайтынын да кабарчы кызматын аркаладым.

2015-жылдан 2019-жылга чейин Баткен облустук сотунун басма сөз кызматында иштедим. Ал эми 2019-

жылдан жергиликтүү «Салам медиада» жаңылыктар бөлүмүнүн редактору, Оштогу Ынтымак телеканалынын Баткендеги кабарчысы да болуп эмгектендим.

2021-жылы «Салам медиада» жаңылыктар бөлүмүнүн редактору, башкы редактор болуп, 2022-жылы Оштогу «Т-Медиа» телеканалынын Баткен облусундагы кабарчысы, 2023-жылдын октябрынан Баткен шаарынын мэринин басма сөз катчысы болуп иштеп жатам.

ОшМУ мен үчүн, жалындаган жаштыктагы билим алууга суусап барган билим уям катары эсте калган. Мен ал жерден билим гана албастан турмуш сырларын үйрөндүм. ОшМУ азыркы жашоомдо, жумушумда өзгөчө таасири чоң!



# ОшМУ – ТУРМУШ ЖОЛУМДА ТУУРА ТАНДОО ЖАСООНУ ҮЙРӨТТҮ



***Гүлүмкан Урустамова***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы факультетинин 2004-жылкы бүтүрүүчүсү. Ош шаардык мэриясынын мамлекеттик тил боюнча жетектөөчү адиси.*

ОшМУнун кыргыз филологиясы факультетинде 1999-жылдан 2004-жылга чейин билим алганмын. Биздин келечекке өз салымын кошуп, билим берген Токтосун Аширбаев, Сатканбай Момуналиев, Токтош Танаев, Лютфилла Жусупакматов, Пайзылда Ирисов, Куттубек Оморкулов, Дүйшөнбай Туратов, Асылбек Айтманбетов, Бактыгүл Темирова, Асамидин Аттокуров, Жамийла Уразова, Зулайка Тагаева, Мастура Шарипова, Ташполот Жороев, Насыр Батыров,



Абдимитал Мырзакметов, Асылкан Маматова, Кенже Пайизова, Нуркыз Кадырбек кызы, Медергүл Таабалдыева... Мына ушул аты аталган окутуучулар берген билим менен карьера жасап, журналист катары элим үчүн аз да болсо кызмат өтөй алдым. Мен үчүн ар бир окутуучунун орду чоң. Ар биринен үйрөнгөн тажрыйба, билим журналист катары иштеп келе жаткан эмгек жолумда өз жумушумду алып кетүүгө чоң салым болду.

Студенттик доордон мен өзүмө дос-курдаш таптым. Турмуш жолумда туура тандоо жасаганга үйрөндүм. Өмүрүмдүн урунттуу учурлары, унутулгус көз ирмемдер, кызыктуу окуялар баары көз алдымда. Эртең экзамен деген күндөрү уктап калбайын деп, тазиктеги сууга бутубузду салып, китеп окуган учурлар болду. Экзаменден «5» деген баа алсак кубанычыбыз койнубузга батпай сүйүнөт элек. Эсимде, Асамидин Аттокуров агайдын сабагынан «4» алып калып, үч күн ыйлаганмын. Ошондон кийин ар бир сабакты берилүү менен окуп, артыкчылык дипломду колго алганда асманга уччудай бактылуу болгонмун.

ОшМУ – билим ордосу болгон куттуу окуу жайым. ОшМУ мен үчүн тарбия кени, келечегимди туура тандоо үчүн шам чырак болду. ОшМУда билим алганыма сыймыктанам.

# ОшМУ– ИЙГИЛИКТЕРИМДИН БАШАТЫ!



***Алибек Ажибеков***

*ОшМУнун дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин 2004-жылкы бүтүрүүчүсү. «Ош Пирим» телерадио компаниясынын ТВ жана радио продюсери.*

Теле жана радио тармагында 2016-жылдан бери иштейм. Ишти баштаган жылдан тарта аймактарда түрдүү маданий, спорттук жана окутуу иш-чараларын өткөрдүк. Алардын ичинен көпчүлүктүн эсинде калган 2018-жылы өткөн Кыргызстан жана Өзбекстандын жылдыздарынын



ортосундагы футбол, райондор аралык «Сармерден» теледолбоору ж.б. эл сүймөнчүлүгүнө ээ болгон теледолбоорлорду жаратууга жетиштик. Аткарылган жумуштарыбыз үчүн КРдин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү тарабынан атайын Ардак грамота жана Юстиция Министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйлангам. Ошону менен бирге кошумча окуулардан өтүп «Аялдарга жана кыздарга карата зомбулукту жоюу», медиасабаттуулук, мультимедиалык сторителлинг, гендердик теңдик, ВИЧ/СПИДди жана улуттар биримдигин чагылдыруудагы алгылыктуу жумуш аткаргандыгым үчүн ыраазычылык баракчалар жана грамоталар менен сыйландым. Андан сырткары гендердик сезимтал журналистикасынын тренеримин. Ошондой эле 2018-жылы кино жана теле режиссура курсун аяктадым.

Кыргызстанда уюштурулган «Умтулуу-2021» жана Казахстандагы «Media Camp Awards-2022» конкурстарынын жеңүүчүсүмүн.

Ош мамлекеттик университети мен үчүн жашоомдогу болуп жаткан ийгиликтердин башаты!

## ОшМУ – БИЛИМ БЕРҮҮ МЕНЕН ЧЕКТЕЛБЕСТЕН ТУРМУШКА ДАЯРДАГАН ОКУУ ЖАЙЫМ

***Гульжан Ажиматова***

*ОшМУнун филология факультетинин журналистика адистигинин 2005-жылкы бүтүрүүчүсү. “АзияТВ” ТРКсынын редактору.*



ОшМУнун 85 жылдык тарыхы болсо, бул жылдар аралыгында канчалаган мыктыларды, түрдүү кесиптин ээлерин тарбиялап, билим берип чыгарды. Менин алдымда чоң тандоо



турган. Ойлонбостон, ОшМУга окууга тапшырамын дегенмин! Менин ушундай деңгээлге жетип, калыптанышыма ОшМУнун салымы чоң десем жаңылышпайм. Мен ОшМУда калыптандым, билим алдым, тарбияландым жана өстүм. ОшМУ менен ар дайым сыймыктанам. Туура 19 жыл мурда биз келечекке чоң үмүт, зор ишеним менен жан дүйнөбүзгө руханий байлык жыйнап ОшМУнун туурунан учканбыз.

Эсимде, келечекте мыкты журналист болобуз деген бардык курсташтар кесипке ээ болгонбуз, бирок турмуштун зарылдыгынан курсташтарыбыздын кайсы бири мигрант болуп кетсе, айрымдары башка тармактарга кетти. Ошентип, биз бүтүргөн жылдары айрымдарыбыз гана бул тармакта иштеп калдык. Кызыктуу учурларды эстесем, мен студент болуп жүргөндө эле 3-курстан «Нур» гезитте, андан кийин «Үмүт» студиясында иштеп баштагам. Айрым сабактарга катышпай калган учурлар болгон. Бирок окутуучулар «ал биздин гезитте, студияда иштейт» дешип дем берип турушчу.

ОшМУ – билим берүү менен чектелбестен, жумуш менен камсыз кылган, турмушка даярдаган десем болот. Мугалимдердин билим гана бербестен, багыт көрсөтүп турганы – менин журналисттик ишмердүүлүгүмө чоң таасирин тийгизди.

# ОшМУ – ЖАШТЫКТЫН ТҮБӨЛҮК ЖАЙЫ, БИЗДИН БАКТЫЛУУ МЕЗГИЛДИН ЖАҢЫ ШАМАЛЫ



***Зарина Маматжанова***
*ОшМУнун филология факультетинин журналистика адистигинин 2005-жылкы бүтүрүүчүсү. «УТРК Ошто» web-редактор.*

Эмгек жолумду 2009-жылы ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика кафедрасында лаборант, 2010-жылы журналистика бөлүмүнүн методисти, 2011-жылдан баштап окутуучу, 2021-жылдан тарта окутуучулук менен редакторлукту айкалаштырып келем.

2018-жылдын 17-октябрынан 2019-жылдын августуна чейин ОшМУнун Кыргыз-Түрк



факультетинин окуу иштери боюнча декандын орун басары, 2019-жылдын августунан 2021-жылдын октябрына чейин Kloop.kg сайтынын Оштогу бюросунда редактор жана журналист болуп эмгектенгем.

Менин университетим - менин сыймыгым! Бүгүн балалык кыялдарым орундалды деп дымактуу айта алам. «ОшМУнун журналистика адистигине өттүң» деген кабарды укканымдагы кубанычымды сөз менен жеткире албайм. Ал күнү мен өзүмдүн кыялыма, сүйүктүү университетиме бир кадам жакындап калгандай сезгем. ОшМУ менин гана эмес, көптөгөн бүтүрүүчүлөрдүн кыялы болгон. Кудайга шүгүр, университетим мага өмүр жолун табууга жардам берди.

85 жашка толгон мекеме өз тарыхында көптөгөн ийгиликтерге жетишип, дүйнөлүк аренада өз ордун көрсөтө алды. Университеттин жамааты көп улуттуу Кыргызстандын экономикалык жана маданий өсүшүнө, саясий - укуктук турмушуна, маданиятына, илим-билимине зор салым кошуп, аны өлкөнүн жогорку окуу жайларынын туу чокусу кылды. Университет көптөгөн чет өлкөлүк университеттер менен кызматташат. Бул жерде окуган ар бир студент чет өлкөгө чыгып, билимин өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүгү бар.

ОшМУ - бул менин университетим, адеп-ахлактын миң жылдык үрөөнү, жаштыктын түбөлүк жайы, биздин бактылуу мезгилдин жаңы шамалы.

# ОшМУ ДЕГЕН СӨЗДҮ ЖАЗЫП ЖАТКАНДА ОКУУ ЖАЙГА БОЛГОН СЫЙЫМ, УРМАТЫМ АРТЫП ТУРАТ



***Нуралиева Зинагул***
*ОшМУнун филологиясы факультетинин журналистика адистигинин 2005-жылкы бүтүрүүчүсү. ОшМУнун пресс-катчысы.*

Мен 2000-жылы ОшМУнун Кыргыз филологиясы факультетинин журналистика адистигине тапшырып, билим алдым. Мектепти аятап жаткан жылдары журналистикага болгон кызыгуум артып, атамдын “өзүң каалаган кесипке тапшыр” деген сөзү менен ушул кесипти аркалап калдым.

Ош шаарына келип билим алып, группалаш досторду таптым. Биздин студенттик жылдар абдан кызыктуу өткөндүгүн азыр эстеп калам. Анткени биз окуган жылдары студенттер азыркыдай маршрутта жүрчү эмес, жөө каттап жүрүп окууну аяктадык. Ал убакта уюлдук телефон деген чыга элек болгондуктан китепканаларга көп кирчүбүз. Бул жылдар аралыгында окутуучуларыбыздан азыркы турмуш жолубузга сабак болчу бир өмүрлүк билим алууга жетиштик.

Студенттик жылдардын 3-курсунан тартып эл аралык “Заман Кыргызстан” гезитинде кабарчы болуп

иштеп калдым, бул менин ушул тармакка ыктоомо да себепчи болду десем болом. Ошол мезгилде азыркы кесиптеш агайым Тургунбай Алдакулов устаттык кылып көп кеп-кеңештерин берип, алгачкы чыйыр жолумдун салынышына салымын кошту. Андан кийин Ала-Бука районуна турмушка чыккандыгыма байланыштуу ошол жакта иштеп калдым. Мектепте мугалим болуу менен райондон чыккан “Ала-Бука ТВ” каналында эмгек жолумду уланттым.



2008-2012-жылдары азыркы ОшМПУда устатым Каныбек Исаковдын сунушу менен пресс-катчы кызматын аркалап, институттун бардык маалыматтарын коомчулукка жайылтууга салым коштум. Анын баары «ОГПИ маалымат айдыгында» китебинде жарык көргөн.

2013-жылдан тартып өзүм билим алган ОшМУга келип «Үмүт» телестудиясында редактор, андан кийин пресс-катчы кызматтарын аркалап келе жатам. ОшМУдагы айрым жарык көргөн маалыматтар «ОшМУ маалымат булактарында», «Беш жылдагы күн баян» китептеринде чагылдырылып, тарых болуп калды.

ОшМУ менин билим гана алган окуу жайым эмес, турмуш сапарлашымы тапкан, өмүрүмдүн эң мазмундуу убактысын коротуп, эмгегимди арнап келе жаткан сүйүктүү окуу жайым.

Ар бир маалыматта ОшМУ деген сөздү терип жатканда окуу жайга болгон сүйүүм, сыйым, урматым, ыраазычылыгым артып турат.

85 жылдык мааракең кут болсун ОшМУ! Мындан ары да канаттарыңды кагып, бийик-бийик мейкиндиктерди багындыра бер!

# УЮТКУЛУУ УНИВЕРСИТЕТТЕН КЕСИПТИК ЭЛЕ ЭМЕС, ТУРМУШТУК ДАҢГЫР ЖОЛГО ДА ТАТЫКТУУ ТАРБИЯ АЛДЫМ



***Асанбек Каракозуев***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2006-жылкы бүтүрүүчүсү. Ош облустук «Ош жаңырыгы» гезитинин башкы редактору.*

Эмгек жолумду 2002-жылы Ош шаардык «Ош шамы» гезитинде курьер болуу менен баштадым. Кийин 2004-2006-жылдары ОшМУнун студенттик «Нур» гезитинде, 2006-жылы Ош облустук «Ош жаңырыгы» гезитинин кабарчысы болуп эмгектендим. Студент мезгилимден тартып эле, бир канча коомдук-саясий гезиттерге макала, баяндарды жазып жүрчүмүн.

2006-жылы Кыргызстандагы «Жер азыгы» Агробизнесмендер Ассоциациясында «Ассистент-реализатор», Оштогу социалдык төлөмдөрдү төлөө борборунун 2007-жылдан 2010-жылдын 1-январына чейин жетектөөчү (кыргыз тил) адиси болуп иштедим.

2010-жылы Ош шаардык мэриясынын маалымат катчысы, 2010-2011-жылдары «Башат» ТРКсынын

«Жаңылыктар» бөлүмүнүн редактору, 2010-2016-жылдар аралыгында КР Президентинин алдындагы Кыргыз Улуттук «Кабар» маалымат агенттигинин, аны менен катар УТРКнын маалыматтык «Биринчи радиосунун» Оштогу кабарчысы болуп иштедим.

2016-2017-жылдары «Ынтымак» медиа мектебинде директор, 2011-2020-жылдар аралыгында «Ынтымак» КРТРКсында кабарчы, диктор, редактор, программалык директор кызматтарында иштедим. 2020-2022-жылдары «ЭлТР» МТРКсында жана «Т-Медиа» телеканалдарында продюсер болуп эмгектендим. 2023-жылдан тартып, Ош облустук «Ош жаңырыгы» гезитинин башкы редактору болуп эмгектенип жатам.

2018-жылы ОшМУнун «Үмүт» радио журналы ачылган. ОшМУнун ошондогу ректору Каныбек Исаковдун колдоосу менен негизделген радио журналдын чыгарылыштары «Ынтымак», «Салам радио» жана «ЭлФМ» радиостанцияларынан жаңырып, өлкөгө уктурулуп турган.

Менин тажырыйбамдан келип чыккан табиятым – эл аралык журналистикага чыгуу болчу. Каалоонун жемиши үзүрүн берди. Бир топ жыл Иран Ислам республикасынын эл аралык «Фарсньюс» маалымат агенттигинде, европалык IWPR радиосунда жана башка чет элдик жана дүйнөлүк ЖМКлар менен журналистика жаатында кызматташып, аларда фрилансер катары иштедим. Ошондой эле, журналистикалык

ишмердүүлүктү Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан, Орусия, Польша, Иран, Кувейт, Түркия, АКШда да жүргүзүп, бул мамлекеттерде тажрыйба топтогонго аракет кылдым.

Мындан сырткары, котормочулук менен да алектендим. Түштүк Кореяда “Daewoo” корпорациясын негиздеп, дүйнөгө белгилүү бизнесмен болгон Ким У Жунгдун китебин орус тилинен кыргызчага которуп, автордун мураскерлердин уруксаты менен басмадан чыгардык.

Бардык нерсенин башаты болгондой эле, менин турмуштук жана кесиптик тажрыйбам ОшМУдан башталгандыктан, окуу жай менен ар дайым сыймыктанып келем. ОшМУ – Кыргызстанда эле эмес, Борбор Азияда кеңири таанымал окуу жайлардын бири болгондуктан, анда билим алган адистер бардык тармакта өз кесибинин ээси болуп иштеп жатышат. Анын бири катары мен да, өз билимимдин жемиштүү үзүрүн ОшМУнун бараандуу даңазасына байланыштырам. Анткени уюткулуу университеттен кесиптик эле эмес, турмуштук даңгыр жолго да татыктуу тарбия алдым деп ойлойм.

# КУТ ДААРЫГАН ОКУУ ЖАЙЫМ МЕНЕН СЫЙМЫКТАНАМ



***Кыял Сабирахунова***

*ОшМУнун кыргыз филологиясы факультетинин кыргыз тили жана адабитяты адистигинин 2006-жылкы бүтүрүүчүсү. ЭлТР МТРКсынын Жалал-Абад облусундагы аймактык кабарчысы.*

*«Маданияттын мыкты кызматкери», ЭлТР МТРКсынын мыкты кызматкери.*

ОшМУ дегенде өлкөнүн өнүгүүсүнө салым кошкон көп кадрлардын учкан уясы эсиме түшөт. Биздин адис катары калыптанышыбызда билимге суугарып, мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө салым кошкон ардактуу эжей-агайларыбыздын эмгеги чоң. Бизге филология илиминде из калтырган Жээналы Шериев, Токтосун Ашырбаев, Анара Кадырова, Сатканбай Момуналиев агайлардын берген билимдери бүгүнкү жашоомдо да жардамын тийгизип келет. Адабият таануу, кыргыз тилинин орфографиясы, кыргыз тилинин методикасы сабактары менин кесиптик ишмердүүлүгүмдө дайыма актуалдуулугун жоготкон жок.

Таалим-тарбияга сугарылган жаш жеткинчектерди өстүрүүдө ОшМУ өлкөдөгү ири окуу жайы деп билем. Дүйнөнүн бардык булун-бурчунда аталган окуу жайдан билим алган улан-кыздар ийгилик жаратып келе жатышат. Дүйнөлүк аренада орду бар, билим уюткусу мол, сыймыктуу инсандарга бай профессордук-окутуучулук курамы менен сыймыктанам.

Жалпыга маалымдоо каражаттарынын арасында да ОшМУну аяктаган кызматкерлердин саны арбын. Алардын ар бир эмгектеги аракеттери, тыкан, дыкат маалымат жеткирүүсү алган билимдин натыйжасы деп кубанып келем.

Сүйүктүү окуу жайымдын 85 жылдык маарекеси менен чын жүрөгүмдөн куттуктайм. Келечекке даңгыр жол ачкан окуу жайым өлкөнүн өнүгүшүнө чон салым кошуусуна тилектешмин. ОшМУ – менин жаштыгым, бүгүнкү күнүм, келечегим . Кут даарыган окуу жайым менен сыймыктанам.



# ОшМУдай УНИВЕРСИТЕТТИ КӨРӨ ЭЛЕКМИН




***Зыйнат Ибрайимова***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы факультетинин журналистика адистигинин 2008-жылкы бүтүрүүчүсү. «ЭлТР» мамлекеттик телерадио компаниясынын редактору.*

Журналистикадагы эмгек жолум 2004-2008-жылдары ОшМУнун «Нур» гезитинен башталды. Аталган гезитте башкы редактордун орун басары болуп да иштедим. Анткени ушул жерден эң алгачкы журналистикадагы кичинекей эмгектерим жаралган. Коллектив менен иштөө, мамиле куруу, маалыматтар менен иштөө тажрыйбамды да калыптандырды 2008-жылдан тартып азыркы күнгө чейин алган билимимдин аркасынан «ЭлТР» каналынынын журналисти катары эмгектенип келе жатам.

ОшМУ мен үчүн билим алган алтын уям. Мен бул окуу жайдан чоң турмушка аралашып, окудум, үйрөндүм. Көп адамдар менен таанышып, мыкты адис мугалимдерден билим жана кеп-кеңеш алдым. ОшМУ менин кыялымды ишке ашырды. Журналист болуп иштеп жүргөндө көптөгөн башка жогорку окуу

жайларда болдум, бирок ОшМУдай университетти көрө элекмин. Анткени дайыма жаңыга умтулуп, жаңыны жаратып, окуу жайлардын сап башында болуп келет. Дайыма окуу жай тандоодо адашкан эмес экенмин деген ой жашап келет. Билим алган окуу жайым менен сыймыктанам.



# ОшМУда ОКУП, БИЛИМ АЛГАНЫМА СЫЙМЫКТАНАМ




***Самара Асанова***

*ОшМУнун кыргыз филологиясы факультетинин журналистика адистигинин 2008-жылкы бүтүрүүчүсү. «ЭлТР» мамлекеттик телерадио компаниясынын «Жаңылыктар» дирекциясында кабарчы.*

Мен журналисттик кесипти 2006-жылы окуп жүргөн кезимде эле баштагам. Анда көз карандысыз «Керемет» телерадио компаниясында эмгектендим. Окууну аяктаган соң 2009-жылдан тартып «ЭлТР» МТРКсында эмгек жолумду улап келе жатам. Жалпы 15 жылдык иш тажрыйбамда коомго саясий-экономикалык, маданий спорт жаңылыктарын жеткирип иштөө менен, бир катар ийгиликтерге жетиштим. Бул мен үчүн сыймыктуу кесип.

ОшМУ менин жашоомо, келечегиме жол ачкан окуу жай десем болот. Окуу жайдан алган билимимди пайдаланып, телевидение кызматкери болуп иштеп келе жатам. Учурда да билим алган улуу устаттарымдан кеп-кеңеш сурап, байланышып келем. ОшМУда окуп, билим алганыма сыймыктанам.

# ОшМУ СТУДЕНТТЕРГЕ СЕН ТАНДАГАН КЕСИБИҢДИН АЧКЫЧЫН БЕРЕ АЛАТ



***Эрнис Нурматов***

*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2011-жылкы бүтүрүүчүсү. «Азаттык» радиосунун Бишкек бюросунда эмгектенет.*

Мен ОшМУга тапшырган 2006-жылы сабактан сырткары университеттин «Нур» газетасына барып, ошол жерде өз кесибиме байланыштуу көп нерселерди үйрөнө баштагам. Алгач кат ташып, ырларымды же чакан макалаларымды жарыялап тургам. Ошентип, кабарчы, редактордун орун басары, редактор болуп жүрүп, 2009-2010-жылдары башкы редакторлук милдетти аркалагам.

2010-жылы 4-курсту аяктап жаткан маалда «Азаттык» радиосуна сынак аркылуу кабарчылыкка өткөм. 2010-жылдан 2017-жылга чейин радионун Ош облусундагы кабарчысы болгом. 2017-жылдан тартып Бишкектеги бюронун туруктуу кызматкери болуп иштеп келе жатам. 2015-жылы жана 2022-жылдары радионун Прагадагы башкы кеңсесинде стажировкадан өтүп келдим.

2013-2015-жылдары ОшМУнун ошол маалдагы ректору Каныбек Исаков агайдын сунушу менен

«Азаттыкта» иштөө менен бирге окуу жайдын журналистика бөлүмүндө окутуучу болуп эмгектендим.

Биздин тайпалаштар, окутуучулар жана кесиптештер жалган айттырбайт болуш керек, биз кезинде, тагыраагы 2009-жылы окуу жайдагы келишим акынын кымбаттоосуна жана билим берүүнүн сапатына наразы болуп митингге чыкканбыз. Жаңылбасам, 1000дей студент башкы корпуста наразылык өткөрүп, акыны көтөрбөөнү, кошумча шарттарды түзүүнү, окутуучулук курамды күчөтүүнү талап кылып чыкканбыз.



Кийин, балким ушул талаптардан улам да өзүм кайра журналистика бөлүмүнө барып, сабак берүүгө далалат кылдым. Анткени факультетте практик журналисттердин да сабак бергени чоң нерсе экенин студент кезимден билем. Так ошол окутуучу болуп

барган маалда мен билим берүү бир эле мезгилде окуу жай тараптан эле эмес, студенттердин кызыгуусунан, ышкыбоздугунан да көз каранды экендигин түшүндүм.

Бүгүн мына, окуу жайды аяктаганыма 12-13 жылдын жүзү болду, мен дагы бир нерсеге ынанып отурам. Өзгөчө биздин, Кыргызстандын шартында университеттин эң негизги милдети студентке кесиптик багыт берүү экен.

Азыркы Кыргызстандын шартында өлкөбүздөгү эч бир университет Гарвард, Оксфорд, же башка ушул сыяктуу дүйнөлүк окуу жайлар менен тең келе албайт. Ал талашсыз нерсе. Бирок биздин окуу жайлар – анын ичинде ОшМУ студенттерге сен тандаган кесибиңдин ачкычын бере алат. Эшик ачылгандан кийинки басык, тепкичтен көтөрүлүү же түшүп кетүү, тандоо, айтор баары өзүбүздүн колубузда.

# ОшМУ ӨЗҮМДҮН МЫКТЫ ВЕРСИЯМ БОЛУУГА СТИМУЛ БЕРДИ

***Акылбек Орозматов***

*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин бүтүрүүчүсү. Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Дүйнөлүк банктын долбоорлорун ишке ашыруу бөлүмүнүн коомчулук менен байланыш боюнча адиси.*



Менин журналистикадагы жолум ОшМУнун студенттик «НУР» гезитинде кабарчы, жооптуу катчы болуу менен башталган. Эмгек жолумда «Ариет» эркин гезитинде жооптуу катчы, «Дембе-Дем» теледолбоорунда алып баруучу, «Башат» телекомпаниясында кабарчы, «Делебе» автордук берүүсүнүн редактору, «Доор» телеберүүсүнүн, «Tushtuk.kg» маалымат агенттигинин аймактагы кабарчысы, «Ынтымак» КРТРКсында радиокабарчы, модератор, программалык директору, «Калыс Медиа» сайтынын жетекчиси, Билим берүү жана илим министрлигинин басма сөз катчысы кызматтарында иштедим.

ОшМУда көптөгөн мыкты инсандар билим алышкан. Алардын катарында окуу жайдын менин жашоомду да өзгөчө орду бар. Биринчи кезекте бул окуучулук кездеги ОшМУда окусам деген кыялымдын орундалышы.

ОшМУ - диплом алуу үчүн бир нече жыл убакыт өткөргөн жөн гана окуу жайы эмес. Бул - менин өзүмдү өнүктүрүүгө, изденүүгө жол ачкан билим үйү. Мында мен өз кесибимди таап, жашоомдогу максаттарымды аныктап жана аларга жетүүгө мүмкүнчүлүк алдым. Окуу жай мага бир гана формулаларды жана теорияларды үйрөткөн жок. Ал мага дүйнөнү кененирээк көрүүгө, анын татаалдыгын жана сулуулугун тереңирээк түшүнүүгө үйрөттү. Бул жерде мен сынчыл ой жүгүртүүнү, маалыматты талдоону жана негиздүү тыянак чыгарууну үйрөндүм.



Менин окуу жайым мага бир нанды бөлүп жеген, кыялдарды, үмүттөрдү, көңүл калууларды жана аны менен бирге жеңиштерди бөлүшкөн мыкты досторду, тилектештерди берди. Окуу жай мени жашоого даярдап, анын өзгөрүшүнө ыңгайлашууга жана кыйынчылыктарды татыктуу жана чечкиндүүлүк менен кабыл алууга үйрөттү. Негизгиси мен – билим алууну үйрөндүм, бул адат, бул көндүм бир өмүргө калыптанды.

ОшМУ өзүмдүн мыкты версиям болууга, жаңы горизонтторду ачууга жана максаттарыма жетүүгө стимул берди.

Бүгүн артка бир кылчайып карап, окуу жайыма тек гана ыраазычылык билдирем. Ал менин мүнөзүмө, ишенимиме жана келечегиме өчпөс из калтыра алды. Мага берген бардык нерсең үчүн рахмат, ОшМУ.

# ОшМУ МАГА ДОС БЕРДИ, ЖАР БЕРДИ, САНААЛАШ ЖАКШЫ АДАМДАРДЫ ТУШ КЫЛДЫ



***Кайратбек Жапаров***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин 2011-жылкы бүтүрүүчүсү. АКИпресс маалымат агенттигинин Баткен облусундагы кабарчысы, Кадамжай райондук «Эл жарчысы» гезитинин башкы редактору.*

Эмгек жолум 2009-2011-жылдары «Де-Факто», «Алиби» гезиттеринин түштүк аймагы боюнча кабарчылыгынан башталган. 2011-2013-жылдары «Ош шамы» гезитинин башкы редакторунун орун басары. 2014-2020-жылдары Кадамжай райондук «Эл жарчысы» гезитинин башкы редактору. 2020-2022-жылдары Баткен медиа борборунун башкы директорунун телевидение тармагы боюнча орун басары болуп иштедим. 2020-жылдан бери АКИпресс маалымат агенттигинин Баткен облусу боюнча кабарчысы. Кадамжай райондук «Эл жарчысы» гезитинин башкы редакторумун.

Журналистика тармагындагы негизги максатым карапайым элдин көйгөйүн көтөрүп чыгуу менен анын

чечилүүсүнө көмөктөшүү болду. Кээ бир коррупциялык көрүнүштөргө бөгөт болуп, алдын-алууга салым кошулду. Айрым аткаруу бийлиги тарабынан кетирилип жаткан кемчиликтерди көзгө сайып көрсөтүп, жоюулуусуна түрткү берүүдө салым кошо алдым.

ОшМУ – кесип тартуулаган устатым. ОшМУ мага дос берди, жар берди, санаалашкан жакшы адамдарды туш кылды. Өмүр шагынын бүчүр байлап, гүлдөгөн учуру ОшМУменен чогуу өттү. ОшМУ – өзүнөн татыктуу билим алган жаштар үчүн жаркын келечек.

# ОшМУ - ЭЛ АРАЛЫК ОКУУ ЖАЙЛАРДЫН КАТАРЫНА КИРГЕНИ СЫЙМЫК АРТТЫРАТ



***Жылдыз Орозматова***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2011-жылкы бүтүрүүчүсү. Т-Media телеканалынын журналисти.*

Журналистика тармагында 2008-жылдан бери иштеп келем. Жергиликтүү «Башат», «Ынтымак» телеканалдарында жана «Калыс медиа», «Жебе медиа» порталдарында эмгектендим.

Ош мамлекеттик университети көп студенттерге жол ачты. Алардын катарында мен дагы кесибимдин даңгыр жолуна ушул жактан түштүм. Анткени окуу жайдан алган теориялык билимди практика аркылуу айкалыштырып тажрыйба топтодум. Анын натыйжасында бир топ эл аралык долбоорлорго катышып үзүрлүү эмгектенип келе жатам. Бул жетишкендиктеримдин жемиши катары сүйүктүү окуу жайыма ар дайым ыраазычылык айтам.

Жылдан-жылга окуу жайда жаңы ачылыштар болуп, студенттерге шарттар жакшырып жатканын көрүп, бир үй-бүлөнүн баласындай кубанып алабыз. Эл аралык окуу жайлардын катарына киргени да сыймык

арттырат. ОшМУдегенде бир комьютердин алдына топтолуп отуруп алып практикалык сабактарды жасаган, бир теманы талашып талкуулаган тайпалаштарым эсиме түшөт. Студенттик күндөр сонун көз ирмемдер менен эсте калган.



## ОшМУ “АДАМ” КЫЛГАН “МУГАЛИМ”!



***Азамат Абсаттаров***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2011-жылкы бүтүрүүчүсү. Учурда КРнын Жогорку Кеңешинин депутатынын жардамчысы болуп эмгектенет.*

Журналистика жаатында алгачкы жумушумду 2012-жылы Кадамжай райондук «Эл жарчысы» гезитинде кабарчылыктан баштап, «Эл жарчысы» гезитинин башкы редакторунун орун басары, АКИпресс маалымат агенттигинин жана «Жаңы Агым» коомдук-саясий гезитинин Баткен облусундагы кабарчысы, АКИпресс маалымат агенттигинин Оштогу филиалынын жетекчиси, Ош шаардык мэриясынын Коомчулук менен байланыш кызматынын башчысы, Бишкек шаарынын мэринин кеңешчиси болуп иштедим.

ОшМУ мен үчүн жашоого багыт көрсөткөн, жол көрсөткөн, ак менен караны ажыратууга салымын кошкон куттуу окуу жай. ОшМУнун менин жашоомдо орду өтө чоң. Анткени мектептеги билим менен ОшМУга келип, адистигибиздин гана билимин албай,

турмуштун да сабактарын алдык. Ош эң сүйүктүү шаарым болсо, ОшМУ “АДАМ” кылган “Мугалим”!

ОшМУдан чыныгы жашоодогу мыкты досторду, ынтымактуу, аракети менен өлкөгө кызмат кылып жаткан тайпалаштарды, билими, деңгээли менен айырмаланган агай-эжейлерди жолуктурду. Беш жыл ичинде ата-эненин, бир туугандын, классташтардын да кадырын сездирди. Ош мамлекеттик университети Кыргызстандагы эң мыкты окуу жай экенин азыр баары моюндап турса, биз ушул окуу жайда окуганбыз, билим алганбыз деп сыймыктанабыз. Чынында ОшМУ эң алдыда! Анткени мыкты ректорлору, билимге сугарылган окутуучулары, активдүү студенттери, заманбап шарттары бар окуу жай. Ош эң байыркы, берекелүү шаар болсо, ОшМУ чыныгы билимдин уясы!



# ОшМУ АР ДАЙЫМ ОКУУ ЖАЙЛАРДЫН САП БАШЫНДА



***Жумамидин Сулайманкулов***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2012-жылкы бүтүрүүчүсү. Ош шаардык мэриясынын маалыматтык камсыздоо бөлүмүнүн башчысы.*

Мен алгачкы кесиптик жолумду өзүмдүн окуу жайым болгон ОшМУнун студенттик «Нур» гезитинен баштаганмын. Аны менен кошо «Үмүт» телестудиясына да кызыктуу фактыларды камтыган рубрикаларды кошо даярдап жүрдүм. Андан соң «ОшТВ» телеканалында кабарчы катары күндүз жаңылык чогултуп, кечкисин жаңылыктардын кыргыз тилиндеги чыгарылышын даярдап жүрдүм. Бул учурларда мен студент катары окууга да жетишип, болочоктогу кесибиме өзүмү даярдап аталган редакцияларда стажировка өтөп жүрдүм. Ошол эле учурда бул мезгил аралыгында ТВ, гезит, боюнча кенен түшүнүк алып, жамаатка аралышып баштаганым мен үчүн артыкчылыктуу болду. Кийин «ЭлТР» МТРКсынын «Жаңылыктар» бөлүмүндө сыноо мөөнөтүн үч жыл өтөп, 4-курсумда толук кандуу



штаттык кызматкер катары иштеп калдым. «Жаңылыктар» бөлүмүндөгү кабарчылардын ичинен жалгыз эркек бала болгондуктан, алыска аймактарга, сел ташкын болгон учурларга, деги эле күн-түн жүрө берчү шарттагы сьемкаларга көп чыкчумун. Анткени бойдокмун, өзүм да кызыгып, эч качан жок дебей кете берчүмүн.

Кийин телеканалдын жетекчилигинин сунушу менен эл аралык «Мекендештер» теледолбоорунун жооптуу редактору катары иштөө сунушу түштү. Орусиянын ондон ашуун алыскы жана жакынкы облус, шаарларына, Туркиянын Анкара, Стамбул шаарына барып ал жакта эмгектенип, жашап жатышкан мекендештерибиздин турмушун, ишин, жашоосун чагылдырып 2 жылдай иштеп калдым. Ал ортодо 2015-жылы Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн маалымат катчысы катары иштешүү боюнча сунуш болуп, насип экен эки жарым

жылдай мезгил аралыгында мурда чогу иштешкен кесиптештерим менен аткаруу бийлигинин ортосунда көпүрө болуп, эки тараптуу кызматташтык жакшыртып, бир топ облус аймагындагы жакшы жасалып жаткан жумуштарды коомчулукка жеткирүүгө себепчи болдум.

2018-жылы өзүм мурда иштеп кеткен «ЭлТР» МТРКсынын башкы директорунун орун басары катар иштөө насип этип 4 жылга жакын убакыт бул жерде эмгектендим. Жамаат, чөйрө, жумуш тааныш болгондуктан ишти алып кетүү, жамаат менен тил табышуу кыйын болгон жок. Ынтымакта абдан жакшы иштештик. Бир топ мамлекеттик жана жергиликтүү маанидеги майрамдык иш-чараларды, улуттук оюндарды жеринен түз алып берүүлөрдү уюштуруп, элдин турмуш тиричилигин, элет жашоосун чагылдырган көрсөтүүлөр даярдалды. «Илим жана Билим» каналы өзүнчө имаратка көчүрүлүп, негизги имаратта жылуулук түтүктөрү оңдолуп, буга чейин жылуулук жок болгон эфирдик студияларга жаңыдан жылуулук тартылды.

Бул аралыкта мен журналистик кесибим аркылуу Кыргызстандын бардык аймактарын, чет өлкөлөрдүн бир топ шаарларын кыдырып, көрүп, таанышып чыгууга, мүмкүнчүлүк түзүлдү. Дос, тааныш, ага-ини табуума, көптөгөн нерселерди таанып билүүмө мүмкүнчүлүктөр түзүлдү.

Ковид-19 учурунда күн сайын ооруу күчөп турганына карабай онлайн брифингдерди уюштуруп,

алып барып, элдин муктаждыктарынын чечилишине себепчи болуп турдук.

Учурда Ош шаарынын мэриясында маалыматтык камсыздоо бөлүмүнүн башчысы катары эмгектенип келе жатам. Мунун бары менин кесибим аркылуу жеткен ийгиликтерим жана жетишкендиктерим деп эсептеймин. Шүгүр кылам.

ОшМУ ар дайым окуу жайлардын сап башы жана Кыргызстандагы кадрларды даярдоонун эң мыктысы, чоң мектеби. Калк арасында «Ошто жашап, ОшМУда окуганыма сыймыктанам» деген ураан кадимкидей сиңип кеткен. Бул жөн жерден эмес. Анткени канчалаган мыкты бүтүрүүчүлөр өлкөнүн өнүгүүсүнө, элдин бакубат жашоосу үчүн кызмат кылып жүрүшөт. Мунун баары ОшМУнун эмгеги жана салымы. ОшМУнун дагы да жасачу, жаратчу ийгиликтери алдыда.

## ОшМУ – БИЗДИ ЖАҢЫ БИЙИКТИКТЕРГЕ ШЫКТАНДЫРАТ!



***Мырзайым Жанибек кызы***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2012-жылкы бүтүрүүчүсү, журналист-фрилансер, медиатренер, котормочу учурда ЮСАИДдин "Укук булагы" долбоорунда журналист-редактор. Андан сырткары cabar.asia аналитикалык ресурсуна макала жазып, өкмөттүк жана бейөкмөт уюмдардын материалдарын которуу-редактирлөө менен алектенет.*

Журналистикадагы жолум студенттик жылдардан башталган. Негизинен онлайн басылмаларда журналист, редактор катары иштеп келе жатам. Ош облустук мамлекеттик администрациясынын пресс-кызматы, "Ынтымак" КРТРКда, "Кабар", "Вечерний Бишкек", "Голос свободы", "Открытая Азия онлайн", "Жебе Медиа" сайттарында иштегенмин. Интерньюс, ЮНИСЕФ, "ММКларды колдоо борбору", GIZ, Улуттук банк, Кыргызстандын дата-мектеби сыяктуу уюмдар менен журналист-редактор, медиаэксперт жана котормочу катары кызматташып келем.




Мага билим берген ОшМУ журналистик кесипке гана эмес, турмушка да даярдаган чоң мектеп болду. Билимин берип чектелбей, студенттери үчүн чын дилинен жан үрөгөн, ар кандай учурда жол көрсөтө билген мыкты устаттарды ушул уюткулуу жайдан таптым. Көрсө, чыныгы билим китеп менен лекцияларда эле катылбаптыр, окутуучуларым, группалаштарым менен жайбаракат маектерден жана кызуу талкуулардан, окуудан тышкаркы түрдүү иш чаралардан да өзүм үчүн алганым көп болду.

Бүтүрүүчүлөр университеттин салмагын аныктаган маанилүү көрсөткүч деп билем. ОшМУ кыргыз журналистикасына, ал аркылуу өлкөбүзгө салымын кошкон, медиа чөйрөдө кесипкөйлүгү менен

ордун тапкан, принциптерине бекем адистерди таптап чыгара алды. Сыймыктуу окуу жайымдын сыймыктуу бүтүрүүчүлөрү студенттик кезде мени кандай шыктандырса, азыр да алга жетелейт.

Ош мамлекеттик университетин окутуучулук-профессордук курамды жана окуу жайдан окуп-өскөн бардык замандаштарымды 85 жылдык мааракe менен куттуктайм. Бул убакыт аралыгында ОшМУ өлкөбүздүн интеллектуалдык турмушунун ажырагыс бөлүгү болуп калды. Окуу жайымдын маанилүү мааракe менен кошо бүтүрүүчүлөрүнүн жетишкендиктерин да айта жүргөн салты абдан сонун, бизди жаңы бийиктиктерге шыктандырат.

Окуу жайыбыз билим менен кең келечекке умтулгандардын жолунда шам болуп, жаңы бийиктиктерге карай жолун улай берсин! Маарaкең кут болсун, ОшМУ!

# УНИВЕРСИТЕТИМ МЕН ҮЧҮН КЫМБАТ



***Ныяз Ташматов***
*ОшМУнун дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин 2012-жылкы бүтүрүүчүсү. Британиянын борбор шаары Лондондогу Би-би-си Кыргыз кызматынын журналисти.*

Студент болуп жүргөндө «ЭлФМ» радиосуна алып баруучулукка сынак жарыяланып калды. Ошондо сынакка тапшырып, радиого жумушка алынгам. «ЭлФМ» радиосунда социалдык, экономикалык, саясий, көңүл ачуучу программаларды алып барып, жаңылыктарга жооптуу редактор кызматына чейин жеткем. Кийинчерээк ЭлТРдин жаңылыктар программасына диктор катары тандалып алынып, жаңылыктар бөлүмүндө ишмердүүлүгүмдү уланттым. Андан соң «Ата-Журт» бөлүмүндө тарыхый, документалдык сюжеттерди даярдам жүрдүм.

2016-жылы «Ош Пирим» телеканалына жумушка орношком. Аталган телеканалдын жаңылыктар бөлүмүнө, вебсайтына жооптуу редактор, диктор болуп иштедим.

2018-жылы T-Media менен кызматташып, ал жерде да вебсайтына жооптуу редактор болдум. Ошол

эле учурда лонгрид, факт-чекинг, маалымат базасы боюнча тренингдерди өткөрүп жүрдүм.

2018-жылдын сентябрь айынан тартып Би-би-си Кыргыз кызматында журналисттик карьерамды улантып, Лондондо иштеп келем.

Бул жылдар аралыгында аздыр-көптүр диплом, сертификаттарды алып, кээ бир сынактарды уткан учурлар болгон. Бирок менин эмгек жолумда негизги нерсе - тааныш-билиш, тууганчылык, жердешчилилик, пара берүү, жагалданып карьера куруу деген ойлордон алыс болдум. Ал менин башымды көтөрүп, сыймыктануу менен айта алчу ийгилигим. Ал үчүн талыкпай эмгектенип, өзүмдүн үстүмөн тынбай иштеп келем жана иштей берем.

Ош мамлекеттик университетинин менин жашоомдогу орду чоң. Анткени менин ар тараптан



калыптанышыма, өсүп жетилишиме университеттин окутуучулар курамы ат көтөргүс салым кошкон. Ал үчүн мен аларга чоң ыраазычылыгымды билдиргим келет. «Бүркүттүн уясы бир, чабыты башка» дегендей биз да уядан учуп, кандай гана бийиктиктерге жетпейли, баары бир өз университетим мен үчүн кымбат.

Бүгүнкү күнү дүйнөнүн төрт тарабында өз ордун таап, албан ийгиликтерди багындырып келген мыкты студенттери, кесипкөй мугалимдери жана албетте көп жылдык мол тарыхы менен ОшМУ Кыргызстандагы алдыңкы университеттердин бири. Ошону үчүн ОшМУнун мен үчүн гана эмес, миңдеген инсандардын арасында орду чоң экени талашсыз.

Келечекте университеттин атагы таш жарып, көптөгөн бийиктиктерди багындырарына терең ишенем. Бар болуңуздар!

# ОшМУ – БАЛАЛЫКТАГЫ КЫЯЛДАРЫМДЫ ОРУНДАТКАН АЛТЫН УЯМ



***Эрмек Муратбек уулу***
*ОшМУнун бизнес жана менеджмент факультетинин менеджмент адистигинин 2012-жылкы бүтүрүүчүсү.*
*УТРК Ош ТРКнын директору.*

Журналистикадагы алгачкы иш тажрыйбам “ОшТВ” ТРКсынын кабарчысы болуудан башталды. Андан кийин “Ынтымак” КРТРКсынын кабарчысы, “ОшТВ” ТРКсынын редактору, ОсОО “Медиа Холдинг Пирамида” телеканалынын координатору жана КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн маалымат катчысы болуп эмгектендим.

ОшМУ менин мектебим, балалыктагы кыялдарымдын ишке ашышына шарт түзгөн алтын уям. Бир кесиптин ээси болуп чектелбестен, ар тараптуу тарбияландым. Азыркы ар бир жетишип жаткан ийгиликтеримдин ачкыча ОшМУга байланышкан. ОшМУдан татыктуу билим алып, келечекке жайылтуудамын. Окуу жайымдын мааракеси кут болсун!

# ОшМУнун АР БИР ИЙГИЛИГИ МЕНИ СУКТАНДЫРАТ



***Маратбек Акимбек уулу***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2014-жылкы бүтүрүүчүсү. ОшТВ телеканалынын башкы директору.*

Журналистикадагы алгачкы эмгек жолум 2012-жылы ОшТВ ТРКсынан башталган. Андан кийин 7-каналда, Ош-Пиримде кабарчы, Ош шаардык мэриясынын алдындагы капиталдык курулуш башкармалыгынын маалымат катчысы, TMG телеканалынын иликтөөчү журналисти, Азаттык радиосунун Оштогу атайын кабарчысы болуп эмгектеним келе жатам.

Ош мамлекеттик университети менин жашоомдо орду чоң. Анткени мектепти аяктап жаңы гана шаарга келгендеги билим берип адис катары тарбиялаган куттуу жай болуп калды. Менин журналист болуп жетилишиме да салымы зор. Эмгек жолумда ОшМУнун көп жетишкендиктерин көрүп университеттеги жакшы саамалыктарды журналист катары чагылдырып келдим. Окуу жайдын ар бир ийгилигин көрүп анын бүтүрүүчүсү катары суктанам жана сыймыктанам. Мындай сезим мен сыяктуу ОшМУнун ар бир

бүтүрүүчүсүндө болоорун сезем. Азыр кайсы бир учурда мен студент болуп окуп кеткен ОшМУ эл аралык деңгээлде абройлуу окуу жайлардын бири болуп калды. Мындай деңгээлге чыгышына окуу жайдын жетекчилиги жана анда эмгектенген ар бир кызматкердин салымы бар.

Быйыл Ош мамлекеттик университети 85 жылдыгын белгилеп жатат. Учурдан пайдаланып жалпы жамаатты жана окутуучулук курамды 85 жылдык маареке менен кызуу куттуктайм. Ар дайым азыркыдай аракетиңиздерден жазбай окуу жайды алдыга сүрөй бериңиздер. Сиздердей күжүрмөн эмгек жамаат менен ОшМУ түбөлүк жашайт деп ишенем.

# ЖУРНАЛИСТТИК КЕСИП МЕНИ ЧЫЙРАЛТТЫ

***Адылбек Акжол уулу***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2014-жылкы бүтүрүүчүсү. Эркин журналист.*



Эмгек жолум 2012-жылдан башталды. Алгач «ОшТВ» телеканалына кабарчы болуп иштеп, өз кесибимдин сырларын биле баштадым. 2014-жылы ОшМУнун журналистика адистигин 5 жыл ийгиликтүү окуп дипломдуу болдум. Окуу жайда коомдук, маданий иш-чараларга активдүү катыштым.

Журналистика тармагындагы 7-8 жылда Кыргызстандын шаар жана тоолуу аймактарын кыдырып эфирдик материал жасадым. Ишмердүүлүгүм боюнча көптөгөн кайрымдуулук иштерде активдүү иш алып бардым. Аны менен катар Орусиянын шаарларын жана Кытайдын 4 провинциясынан атайын программа иликтөөлөрдү жасоого жетиштим. Бул арада өз кесибим боюнча алган наамдар да көбөйдү. Республика аймагында жана Ош шаарында 2017-2018-2019-2021-жылдын жыйынтыгы менен «Жылдын мыкты жаш журналистти» деген наамга жетиштим. Бул мени кубандырат.

ОшТВда жалпысынан алганда 9 жылга жакын ак дилим, берилгендик менен иштедим! Жетекчиликтин сөзүн эки кылбай айткан тапшырмасын аткарып, алган айлыгымды актап иштөөгө аракеттендим! «ОшТВ» менин ишмердүүлүгүмдө алгачкы мектебим, экинчи үйүм болуп калган. Жүрөгүмө жакын. Кайда барсам да кайтып келүүчү үйүм катары көрөм. Мен бул жерге студенттик күндөрүмдө практикага келип, иштеп калгам. Башында жоош, эч кимге сүйлөбөгөн түнт, уялчаак, араң кыймылдаган Адыл болчумун. Мени көбү мындан адис чыкпайт деп түз эле айтчу. Мен аларды туура түшүнүп, өзүмдүн үстүмөн иштөөгө аракеттендим! Түнү менен ооз көнүгүүлөрүн кайталап, үнүмү бийик чыгарып китеп окучумун. Азыр аны билген кошуналар Адылдын ТВга аралашкан тарыхын айтып калышат экен. Журналисттик кесип мени чыйралтты! Адам катары калыптануума салым кошту!



# ОшМУ - БИЛИМ БЕРДИ - ОКУДУМ, ҮЙРӨТТҮ - ӨЗДӨШТҮРДҮМ



***Самара Парпиева***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2014-жылкы бүтүрүүчүсү. «TMG» телеканалынын «Жаңылыктар» бөлүмүнүн редактору.*

Менин жумуш менен билим алуумду бир убакта айкалыштырып алып кеткениме ошол учурдагы окуу жайдын жетекчилигинин салымы абдан чоң десем жаңылышпайм. Анткени жаш, кызыгуусу артып турган мага окшогон ондогон студенттерге ошол учурдагы ректор Каныбек Исаков колдоо кылып, сабактарга эркин катышууга уруксат бергени чоң мүмкүнчүлүк, стимул болду десем болот.

ОшМУ өлкөдө алдыңкы окуу жайлардын бири экени талашсыз. Мектепти эми гана бүтүп, сүйүктүү кесибимди тандап, билим алам деп эңсеп келген жер. Билим берди окудум, үйрөттү өздөштүрдүм. Кесибимдин чыныгы адиси болуума жол салды. Эже-агай таптым, дос-жар күттүм. Билим алуу менен кошо сонун студенттик күндөр өттү. Билинбей эле куттуу

окуу жайдан 5 жыл билим алып журналист деген кесиптин ээси болдум. Ош мамлекеттик университети мага кесип берген, мыктылап окутуп келечекке учурган жай катары ар дайым жүрөгүмдө өзгөчө орду чоң.



# МЕН СЫЯКТУУ МИҢДЕГЕН ЖАШТАРГА КУЧАГЫН ЖАЙГАН ОКУУ ЖАЙГА ЫРААЗЫМЫН



***Гүлшайыр Талантбек кызы***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2014-жылкы бүтүрүүчүсү. «ОшТВ» телеканалынын продюссери.*

Алгач студент кезимден баштап Ош шаарында ири канал аталган «ОшТВ» телеканалында штаттан тышкаркы кабарчы болуп 2012-жылы жумушка орноштум. Андан сон, 2013-жылы «7-каналдын» Ош облусундагы кабарчысы, 2019-жылдан 2022-жылга чейин 7-каналдын башкы редактору болуп иштедим. Студент кезимде окуу менен ишти айкалыштырам деген аракетим болуп, бирок жумуш орун жоктугунан штаттан тышкаркы кабарчы болуп иштесем, убакыттын өтүшү менен ошол телеканалга башкы редактор болуп жумушка орноштум.

ОшМУ мен үчүн келечек! ОшМУ тууралуу сөз айтсам, алгач эле айылдан чоң энем колумдан жетелеп келип башкы корпуска алып келген күн эсиме келет.

Баёо сезим менен келип келечегин ушул окуу жайга тапшырган кичинекей кызды элестетем. Мен сыяктуу миңдеген жаштардын келечегине кепилдик берип, кучагын жайган окуу жайга ыраазымын. Ал эми окуу жай бир студенттин мүдөөсүнө, кыялына шериктеш болуп, шыктандырып билим берди. Студент болуу бактысы арзыды. Ошол учурда эле ОшМУда окуп жатам деп сыймыктанып айтчубуз. Көрсө учурда көрүп жаткан ийгиликтерге окуу жай жол ачып шериктеш болгон экен. Бизге К.Зулпукаров А.Мырзакметов, Н.Мапаева, С.Эргешова, Ч.Абдиева, М.Мамырова З.Маматжанова деген эжекелер сабак берчү. Мындан сырткары ОшМУда эмгектенип жаткан А.Аккулов, Н.Патиев, М.Шарипова Б.Абытов, Смадияров, Кадыров, Э.Камалов, Ж.Ботонов З.Божонов агайлар менен кесибиме байланыштуу иштешип, аты аталгандар коомдо болуп жаткан окуяларга кайдыгер карабай өз ойлорун ачык айтып, коомдун агартуусуна салым кошуп келишет. Окуу жайды аяктагандан кийин дароо жаңылыктар бөлүмүн тандап, ошол багытта жумуш алып бардым. Бул жагынан окуу жайдын өнүгүп жатканына ийгиликтерине күбө болуудамын.

Ош мамлекеттик университети күн сайын жаңыланап, жаңы багытка талпынып, заманбап жолдо билимди тереңдетип келет. Кезегинде мыкты иштеп, өзгөчө багытта иш алып барган маркум Каныбек Исаков агайдын эмгеги, агайдын билими азыркы учурга чейин суктандырат, агайдын баштаган жумушу андан

кийинки шакирттери улап кеткени окуу жайдын өнүгүү темпи бийиктеп жатканы кубандырат.

Азыр окуу жайда жаңылануу болбогон факультет, жатакана, кафедра бир да окуу имараты калбады. Баары заманбап ыкмада. Биз студент болуп жүргөн учурларда окуу жай интеграция, иновация, инвестиция багытына күчтөнгөн.

ОшМУ бир гана Кыргызстанда гана билим жайылтпастан эл аралык деңгээлде иш алып барып, Турция, Кытай, Корея, Египет, Швейцария, Канада, Шри-Ланка, Нигерия, Пакистан, Непал, Индия, Сирия, Бангладеш, Бахрейн, Иран, Таиланд, Ливан, Йемен, Мальдивы, Россия, Украина, Грузия, Азербайжан, Казахстан, Туркменистан, Тажикстан, Өзбекстан ж.б. чет өлкөлөрдөн келип билим алган студенттер бар. Бул да чоң ишенич жана окуу жайдын жоопкерчилиги деп билем. Мындан улам ОшМУ акыркы жылдары эң престиждүү окуу жай болуп калганы талашсыз.

# ОшМУдан АЛГАН САПАТТУУ БИЛИМ, БИЙИК ДУХ МЕНИ МЕНЕН БИР ӨМҮР САКТАЛАТ



***Кенжебү Маматсадыкова***

*ОшМУнун орус филологиясы факультетинин 2014-жылкы бүтүрүүчүсү. Т-Медиа телеканалында иликтөөчү журналисти.*

Журналистика жаатындагы эмгек жолум 2013-жылы ОшТВ телеканалынын жаңылыктар бөлүмүндө кабарачы болуу менен башталган. 2014-жылы “Чагылган” продакшн студиясынын түштүк аймагындагы кабарчысы болуп эмгектендим. 2015-жылдын башында «Ош-Пирим» телеканалына кабарчы катары жумушка кирип, эрте мененки, кечки эфирлердин алып баруучусу болуп иштедим. 2016-жылдан тарта жаңылыктар бөлүмүнүн жооптуу редактору кызматында эмгектендим. 2021-жылы декреттик өргүүдөн кийин Т-Медиа телеканалынын жаңылыктар бөлүмүнүн жооптуу редактору кызматын аркаладым. 2023-жылдын июнь айынан бери иликтөөчү журналист катары иш алып барып келе жатам.

Эмгек ишмердүүлүгүмдө 2019-жылы Билим берүү жана илим министрлиги мугалимдердин ишин өзгөчө чагылдыруу боюнча жарыялаган республикалык сынакта, андан кийин 2023-жылы Internews эл аралык уюмунун “Умтулуу-Стремление” республикалык сынагында “Балалыкты коргоо” наминациясы боюнча

1-орунду ээледим. Ушул эле жылы У.Эгизбаев атындагы иликтөөчүлөрдүн республикалык сынагында “Каракталган Кара-Суу базары” аталышындагы материалым бааланып, Ардак грамота менен сыйландым.

ОшМУ - менин адам катары калыптанышыма эбегейсиз зор салым кошкон чоң мектеп болду. Мен бул окуу жайдан биринчиден бир кесиптин ээси болуп чыктым, экинчиден жаштар саясатына студент кезден тарта аралашып, коомдун активдүү мүчөсү болуп калыптандым. ОшМУ мага 2014-жылы “Жылдын мыкты студенти” наамын ыйгарып, Атуулдук стипендияга татыдым. Бул стимул менин кийинки кадамдарыма чон трамплин болуп берди. ОшМУдан алган сапаттуу билим, бийик дух мени менен бир өмүр сакталат. Бул мүмкүнчүлүк үчүн мен ыраматылык Каныбек Исаков агай баштаган бардык агай-эжейлерге, акыл-насаатын айткан менден улууларга ар дайым таазим этем, урматым чексиз. Миндеген жаштарды уядан учуруп, жашоосуна чыйыр жол салып берген ОшМУнун эшиги кенен ачык болсун. Дүйнө жаштары суктанган окуу жайга айлансын!



# ОшМУдан АЛГАН СТИПЕНДИЯМ “НОБЕЛЬ” СЫЙЛЫГЫНДАЙ СЕЗИЛГЕН



***Элиза Кочкор кызы***
*ОшМУнун тарых-юридика факультетинин 2015-жылкы бүтүрүүчүсү. «ЭлТР» мамлекеттик телерадио компаниясынын «ЭлФМ» радиосунун ага-редактору.*

Журналистика тармагына 2013-жылдан тартып аралаша баштадым. Бирок ага чейин эле алып баруучу катары ОшМУнун концерт-маарекелерин, сынактарды, түрдүү маданий иш-чарларды чоң сахнада алып барып жүргөм. Эң алгач эмгек жолум «ЭлФМ» радиосунда кабарчы катары башталып, кийинчерээк радионун жаңылыктар бөлүмүндө редактор катары күн сайын 13 саат (ар жаңы сааттын башында жаңылык берилет) жаңылык даярдап, угармандарга жеткирип, обого алып чыктык. О.э. радиодо маалымат музыкалык, көркөм-адабий уктурууларды жасап, автордук программаларды даярдап, угармандарга сунуштап келе жатабыз. Радио бөлүмүндө эмгектенүү менен бирге телевидениеде да бир топ саясий-социалдык, көркөм-адабий, маданий көрсөтүүлөрдү даярдап, «ЭлТР» каналынан эфирге чыгып жүрдүм. Алар «Күн маек», «Учур маселеси» түз

эфирде саясий-социалдык көрсөтүүсү (2016-2019-жж), «Мурас», «Менин айылым», «Кутман таң» көрсөтүүлөрү (2015-2023-жж), «Керемет кайрыктар» теледолбоору (2023-2024-жж) мындан сырткары даталуу күндөрдөгү 5-6 сааттык түз эфирдеги майрамдык чыгарылыштарды, концерттерди алып баруу бактысы да буйурду. Радио, телевидениеде иштөө менен бирге шаардык, облустук, мамлекеттик, эл аралык деңгээлдеги чоң иш чаралардын алып баруучусу катары да таанылa алдым.

Билим алуу жолумда жана кесиптик карьерамдын өсүүсүндө ОшМУнун орду чоң. Анткени дал ошол студенттик жылдарда менин журналистикадагы алып баруучулуктагы жолум башталып, алгач ирет ОшМУ чыйыр салган. Студенттик жылдарда биз үчүн түзүлгөн окуу жайдагы шарттар, мейли окуу жараяны болсун, коомдук-маданий иштер болсун чоң чөйрөгө чыгууга, дүйнө таанымдын кеңейүүсүнө абдан чоң салым кошкон. Алдыга умтулган, аракетчил студентти ар тараптан колдоого алуу, шарттарды түзүү дайым эле мүмкүн эмес. А бирок ОшМУда ар тараптуу, универсалдуу шарттар түзүлгөн. Тандоо студенттин өзүндө гана калат. Менимче, ОшМУ Кыргызстандагы окуу жайлардын флагманы деп бекеринен айтылбаса керек. Өзгөчө өлкөбүздөгү эч бир окуу жайда жок болгон, студент үчүн айтылуу “Нобель” сыйлыгындай эле сезилген, айына 100 доллар, жылына 1200 доллардык

уникалдуу стипендия бир гана ушул окуу жайда бар экенин мындан 12 жыл мурдагы ошол стипендианын ээси катары сыймыктануу менен айта алам. Андыктан 85 жылдык маарекең кут болсун, ооматтуу окуу жайым ОшМУ!



# ОшМУ МЕНИН СОЦИУМДАГЫ КҮРӨӨ ТАМЫРЫМ!

***Жылдыз Капарова***

*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2016-жылкы бүтүрүүчүсү. «ЭлТР» МТРКнын «Билим-Илим» каналынын редактору.*



Алгач 2013-жылы ОшМУнун БиМ факультетинен журналистикага адистигине которулуп келгенмин. Ошол учурдан журналистикага аралашуу башталган, «Нур» гезитине каттап, практика учурунда «Ош шамы» гезитинде болдум.

4-курсумда ОшТВга практикага барып, ошол бойдон иштеп калдым. Биринчи «Аруу таң» деген таңкы маалыматтык, көңүл ачуучу программага алып баруучу, бир жылдан кийин жаңылыктарга кабарчы болдум. ОшТВда 5 жыл иштедим. Бул аралыкта, радиодон башка бардык жанрда иштеп көрдүм.

Аналитикалык сюжеттер, социалдык көйгөйлөрдү чагылдыруу, автордук «Штрих», «Коктейль шоу», «Сүйүү баяны» деген көрсөтүүлөрдү даярдадым. ОшТВнын сайтын “о” дөн түптөп, биринчи редактору болдум.

Мэриянын облус жетекчилигинин жана бир катар муниципалдык мекеме-ишканалардын ардак баракчаларын, ыраазычылык каттарын алдым. Ал эми жетишкендигим катары АКШнын элчилиги тарабынан тандалып чакырылган IWLP деген программанын алкагында АКШнын 5 штатындагы үлкөн медиаларга экскурцияга барып, тажрыйба алып келгеними айта алам.

Ошондой эле АУЦАнын Орто Азия журналисттерине уюштурган «Журналисттердин жайкы лагеринде» билим алганмын. Мындан сырткары демократия, гендердик тең укуктуулук, факт-чек, экология, дин жана светтик көз караш жана башка темалардагы тренинг, семинарларга активдүү катышып келем.

2020-жылы ОшТВдан кетип, өзүмү пиар



кызматында сынап көрдүм. Ош шаардык Автоунаа муниципалдык ишканасында, саясий партияларда коомчулук менен байланыш кызматын уюштурганмын.

2021-жылы 7-каналдын Бишкек шаарындагы офисинде сайтта редактор-кабарчы, «7ден 7 суроо» саясий берүүсүндө алып баруучу болуп иштедим.

2022-жылы кайрадан Ош шаарына келип, «Араван Прогресс» деген коомдук уюмда координатор, СММ адиси болуп 1 жыл иштедим.

2023-жылдан бери, ЭлТРдин «Билим-Илим» каналында редактор, диктор болдум. Учурда «Интеллигент» окумуштуулардын илимий ийгилигин чагылдырган берүүнүн авторумун. Ошол эле учурда Билим-Илимдин социалдык баракчаларын колго алып, өркүндөтүү аракетиндебиз.

ОшМУ мен үчүн, социумдагы күрөө тамырым! Андан алган диплом, азырынча жалгыз. Ар кандай сертификаттардан маанилүү, кадырлуу. Ошол мени журналист деген статуска ээ кылды.

Журналистика - менин жашоомдун эң негизги тиреги!

# ОшМУдан БИЛИМ АЛУУ МЕНИН БАКТЫМА ДА БУЙРУДУ

***Бекзат Зарипбек уулу***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2016-жылкы бүтүрүүчүсү. «ОшТВ» телеканалында журналист жана «ОшТВ» котормо студиясынын редактору.*



2013-жылы «ОшТВ» телеканалына кастингге келип Эрнис Кыязов агайымдын элегинен өтүп, аталган телеканалда иштеп калгам. Алгач алып баруучу болуп ишмердүүлүгүмдү баштасам, көп өтпөй телеканалдын жалпы маданий көрсөтүүлөрүнүн редактору болуп дайындалдым. Арада түштүктү түрө кыдырып «Ыр кесе», «Мугалим өнөр башаты», «Элдик таланттар таймашы» жана башка бир топ маданий долбоорлорду ишке ашырдык. Алардын айрым катышуучулары бүгүнкү күндө чыгармачылыктан өз ордуларын таап, үзүрлүү эмгектенишүүдө. 2018-2019-жылдар аралыгында жаңылыктар маалыматтык көрсөтүүсүндө кабарчы болуп эмгектендим. 2023-2024-жылдар аралыгында коомдогу көйгөйлүү маселелерди чагылдырган «Негизги маселе» программасынын

алып баруучусу болдум. Мындан сырткары түрк кинотасмаларына кыргызча үн коштоп, учурда «ОшТВ» котормо студиясын жетектеп келем.

ОшМУ менин жашоомдо орду чоң. Кезинде мени «мен келечекте кандай окууда окуйм, кандай адам болом, кандай кесиптин ээси болом» деген толтура суроолор түйшөлтөт эле. Бирок сыналгыдан чыккан журналисттерди көрүп, эмнегедир бул кесип менин жан дүйнөмө жакын болчу. Балким атабыз бизди кандай гана учур болбосун чындыкты сүйлөгүлө деп тарбиялаганы бул адистикти тандоомо түрткү болду. Миңдеген студентти кучагына алган ОшМУ да билим алуу менин бактыма да буйруган экен. Андыктан Ош мамлекеттик университети менин эңсеген кесибиме ээ болушума жана балалык кыялыма жол ачты деп айта алам. Учурда окуу жай тездик менен өнүгүп жатканына күбөбүз. Техникалык базасы, билим берүү деңгээли менен өлкөнү мыкты адистер менен камсыздап келет.

## ОшМУ – ОШТОН ТАПКАН ТАБЫЛГАМ




***Адашгул Акматова***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2016-жылкы бүтүрүүчүсү. АКИпресс маалымат агенттигинин Оштогу бөлүмүнүн редактору.*

Мен журналист болууну бала кезимден кыялданчумун. Орто мектепти бүткөндөн кийин, Ош мамлекеттик университетинин кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика бөлүмүнө тапшырдым. Өзүм педагогдордун үй-бүлөсүндө чоңойгондуктан баары мени мугалим болуумду каалашты. Бирок мен өзүм эңсеген журналистиканы тандадым. Абдан кызыктуу кесип. Журналистика адистиги мага көп мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берди. Окуу жай студенттерине абдан кам көрөт. Ар бир студенттин өз кесиби менен иштеп кетүүсүнө жакшы мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Студенттин өз алдынча өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүк берилген десем жаңылышпайм. Бул да болсо, ар бир кесип ээсинин өзүнүн кесибинин арты менен ишке орношуп, көбүрөөк практика жүзүндө тажрыйба топтоп даяр кадр болуп

чыгуусуна түрткү берет. Окуу жайдан теориялык билим алсак, ошол эле билимди практика аркылуу бекемдедик. Ар түрдүү кесип ээлери менен маектешип, маалымат алып, элдин көйгөйүнүн чечилишине аз да болсо салым кошуп келе жатабыз. Ар бир чөйрөгө келгенде жаңылышуу болбой койбойт. Башында көп кызыктуу учурларды баштан өткөрдүм. Ош облусунун бардык райондоруна барып, элдин көйгөйлөрүн жаздым.

Эң алгач ОшМУнун «Үмүт» телестудиясынан журналистиканын кухнясына аралаштым. Андан соң, «Ош пирим» телеканалында 7 ай стажировкада жүрүп үйрөндүм. 2015-жылы 3-курста окуп жаткан кезде АКИпресстин Оштогу бөлүмүнө кабарчы болуп ишке кирдим. Ошол кезден бери ушул агенттикте иштеп келе жатам. 2018-жылдын 1-августунан тартып Оштогу бөлүмүн жетектейм. Бизге адамдар түрдүү тагдырлары менен кайрылышат. Биз аны башка кесиптештерибиздин жардамы менен коомчулукка алып чыгабыз.

Менин эң эсимде калганы мындан бир топ жыл мурун Өзбекстандан көчүп келген этникалык кыргыздар тууралуу болгон. Алар Өзгөн шаарынынын четинде баш калкалап келишкен. Көп жылдан бери аларга жер берилбей, батирлеп жашоого аргасыз болушкан. Жаңы конушта жашагандыктан трансформатор да жок болуп, караңгыда күн кечиришкен. Биздин чыгармачыл топ жеринен барып

тартып келгенден соң, эки күндөн кийин көмөкчү чордон коюлуп, жолдоруна да шагыл төгүлгөн. Ошондогу элдин ыраазычылыгы, сүйүнүчү дале эсимде. Журналистика – бул бирде ач кала турган, бирде ток кала турган кесип. Ар бир адамга жагуу мүмкүн эмес. Ошого карабай, ар бир көтөргөн маселе оң жагына чечилсе, ошол биздин жетишкендигибиз деп ойлойм.

ОшМУ өлкөдөгү окуу жайлардын флагманы. Менин Оштон тапкан табылгам. Буюрса алдыда дагы башка кесиптерге ээ болууну эңсеп жүрөм. Кайрадан эле ушул окуу жайды тандаарым анык. Анткени дүйнөгө кулачы жайылган, алдыңкы окуу жай. Окуу жайга тапшыруу менен өзүндүн кең келечегине жол ачасың. ОшМУ ар дайым өсүп-өнүгө берсин! Эң мыкты адистер даярдалып, билимдүү жаштар көбөйсүн.

# «ӨМҮРҮҢДҮН КАЙСЫЛ УЧУРУН ӨЗГӨЧӨ БЕЛГИЛЕЙТ ЭЛЕҢ» ДЕП СУРАСА, «ОшМУда ОКУГАН ЖЫЛДАРЫМДЫ» ДЕП АЙТААР ЭЛЕМ



***Казыбек Мамасадыков***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2016-жылкы бүтүрүүчүсү. «ЭлТР» МТРКсынын «Ата-Журт» саясий, социалдык-экономикалык продюсердик борборунун продюсери.*

ОшМУ менин жашоомдун эң маанилүү учурларымдын бир бөлүгүн өзүнө камтыды. Анткени мен куттуу жайдан билим, илим алдым, максаттарыма жетүүгө чоң таасирин тийгизди. 2011-жылдан 2016-жылга чейин ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинде окудум. Мына ошол учурда «ЭлТР» МТРКсынын «Кутман таң» бөлүмүндө редакторлук кызматта иштеп. Эң эле алгач мен бул тармакка келгенимде редакторлук кылуу аябай кыйын болгон, текс жазууда, ойлогон идеяны чагылдыра албай кыйналчумун. Мугалимдердин жол көрсөтүүсү, бизге сабак өтүп, журналист кандай болуу керек экенин таанытып бул тармакка бизди баштап киргени зор салым болду десем болот. Ошону менен чоң журналист устат эжей-агайлардын да факультетке келип

семинарларды уюштуруп турганы куштун экинчи канатындай эле. Мугалимдер бизге «силер универсал журналист болууңар керек деп» дем берчү. Анткени элдик каналдын мыкты журналисттери ОшМУнун дасыккан мугалимдерден сабак алды. Айта кетчү болсок Н.Кадырбекова, Ж.Акимов, Н.Мапаева, С.Эргешова, Ч.Абдиева, Б.Исаков, Ж.Туралиев, А.Мырзакметов, З.Маматжанова, М.Мамырова ж.б. агай-эжекелери болду. Ошол учурдагы ректорубуз Каныбек Исаков агай ушул болочок журналисттер эч нерседен артта калбасын деп студенттерге камера, монтаждоочу стол, газета чыгаруучу принтер, радио уктурууга техникалык базаларды чыңдап жакындан колдоп бизди алга сүрөп турган. Биз кубануу менен окуйт элек. Мына ошонун натыйжасы менен «ЭлТР» МТРКсында монтажер, журналист болуп иштеп келдим.

ОшМУ – бул билим берген окуу жайы гана эмес, ал биздин тагдырыбыз, жашообуз, атабыз жана энебиз. Менден бирөө «Өмүрүңдүн кайсыл учурун өзгөчө белгилейт элең» деп сураса, ойлонбой туруп «ОшМУда окуган жылдарымды» деп айтаар элем».

# ОшМУ ТУУРАЛУУ ЖАКШЫ ПИКИРЛЕРДИ ЖАЗУУГА АРАКЕТ КЫЛАМ




***Бексултан Нуркамил уулу***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2017-жылкы бүтүрүүчүсү. «АКИпресс» агенттигинин Ош шаары жана Ош облусундагы кабарчысы.*

Ата-энем мугалим, а өзүм үйдүн эң кенжеси болгондуктан абдан эле эрке чоңойдум. Ата-энем көзүмө карап, айткан нерсемди алып бергенге аракет кылчу. Башка бир туугандарыма окшотуп катуу тилдеп, таяк менен сабаган учуру деги эле болгон эмес. Дал ошол нерсе менин келчектеги мүнөздөрүмдү калыптандырды окшойт. Анткени, жашымда жалтанбай сүйлөөнү, акыйкатты ачуу болсо да бетке айтууну үйрөндүм. Мына ушуга окшогон нерселер мени журналистикага жетеледи десем ашыктык кылбас. Тээ балалыктагы баео мүнөз менен кээде дарыгер, бирде юрист болууну каалап, кээ убактарда астронавт, космонавт болууну да самап жүрдүм. Бирок, орто мектепте окуп баштагандан тартып эле журналистика кесибине умтула баштадым. Мурун журналист деген

сыналгыдан чыгып, жаңылыктарды алып барган алып баруучу, көңүл ачуучу программаны алып барган тамада катары элестетчүмүн. Деген менен «журналист» деген сөз француз тилинен алынып, кыргызчага оодарганда «журнал барагы» деген сөздү гана түшүндүрөрүн, журнал барагына, гезитке макала жазган адам болорун ОшМУда окуп жүргөндө билдим.

Чү дегенде эле студент болуп келип, айылдан анда-санда шаарга түшкөн өспүрүм баланын шаардын жашоосуна жуурулуп кетиши, жаңы досторду күтүп, келечектеги кесибине багыт алышы кыйынга турат эмеспи. Ошондой процессти мен дагы башымдан өткөрдүм. Албетте, жаңы досторду таптым, журналистика жаатындагы билимимди тереңдеттим. Бул үчүн агай-эжекелер жана аябай жардам беришти.

Кыргыз эзелтен кеп баккан, барк күткөн, ата



наркын улантып келе жаткан калк. Бул нерсебиз бүгүнкү күнгө чейин кыргыз үй-бүлө институтунда сакталуу жана институттун өзөгүн түзөрү шексиз. Мен да кеп кадырын билейин, сөз баккан, салмактуу макала жазган сапаттуу журналист болоюн деген ниет менен алгачкы ишимди гезиттен баштадым. Башында «Ынтымак» ТРКсынын «Биз» деген гезитинде иштеп, андан кийин «Ош-Пирим» ТРКсынын «Ош-Пирим» деген гезитинде иштедим. Үчүнчү курсумдан баштап Ош шаардык мэриясынын «Ош шамы» гезитинде иштеп, алгачкы устаттарды күтүп, такшалдым. Гезиттеги 1,5 жылдык ишимден кийин эле «АКИпресс» агенттигинин Оштогу кабарчысы болуп жумушка орноштум.

Журналистика – бул коомдун ажырагыс бир бөлүгү жана жалпы журтту туура жолго багыттап туруучу кесип катары көрөм. Эсеби маселен, учурда веб сайттар абдан популярдуу болуп, социалдык тармактар «кырына» чыгып турган учуру. Демек, ЖМКларга атаандаш катары жарандык журналистика-социалдык тармактын колдонуучулары чыкты. Алар кайсыл жерде, кайда болбосун маалыматты баарынан мурун чыгарып, ЖМКларга чоң атаандаштык жаратууда. Бирок, бул бир гана чети. Экинчи жагынан алганда, ЖМК ишмердүүлүгү болбосо, эл караандай калп маалыматтарга, провакациялык материалдарга, диний, рассалык, этностук кастыкты козуткан ушактарга ишенип кетмек. Профессионалдык

журналистика жарандык журналистикадан айырмаланып медиа сабаттуулук, тең салмактуулук, гумандуулукту, демократияны үйрөткөн институт.

Бул кесипти аркалоо менен эң ириде кадыр-барк таптым, элдин социалдык-экономикалык абалынын жакшырышына салым коштум. Тамыры чырмалышкан окуяларды баяндап, коррупциялык иштердин бетин ачып, туташкан туугандык саясаттын чекит коюлушуна салымымды коштум десем ашыктык кылбас.

Журналистик билимимди өркүндөтүү үчүн семинар-тренингдерге бардым, спорт журналистикасы, юридикалык, экономикалык, саясий темаларды чагылдыруу үчүн ушул жааттагы билимди тереңдеттим. Биз үчүн эң чоң жетишкендик –бул элдин алкоосуна татыктуу болуу деп билем.

Университетти бүткөнүмө 7 жылдын жүзү болсо да, унутулгус сезимдерди тартуулаган, студент деген статус берип, ошол доордун ысык-суугуна күбө болгон окуу жай - ОшМУ тууралуу жаңылыктарга кулагым чагылса же көрүп калсам сөзсүз окуп көрүп, мүмкүнчүлүк болду дегиче жакшы пикирлерди жазууга аркет кылам. ОшМУ мен үчүн Кыргызстандагы эң заманбап, көп студенттерди кучагына батырган окуу жай.

«...Ошто жашап, ОшМУда окуп, оштук болуп калдык биз»,- деген акын Улукбек Омокеевдин ырынын саптары дал эле биз үчүн жазылгандай. Анткени, ары сүйүнүчтүү, ары кайгылуу күндөргө, бир көйнөк, бир

шым, бир бут кийимди алмак-салмак кийген, ачка-ток калып, араңдан таң атырган учурларыбызга күбө болгон, ошол доордун жаралышына себепкер болгон окуу жайды эстен чыгарып коюу - адамдык касиетибизге жатпайт.

ОшМУ – окуу жайлардын төрөсү. Кайда барба «Мен Ош мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүсүмүн» деп көкүрөктү кенен кере сыймыктануу менен айта аласың. Дегиңкиси, ОшМУда жасалган реформалар, ОшМУда ишке ашып жаткан долбоорлор, ОшМУнун студенттерге жылдан-жылга жакшы шарт түзүп берип жатканы жогорудагы сөздөрдү айтууга түртөт.

ОшМУ- теория менен практиканы айкалыштыра билген окуу жай. Бул университетте окуп, мугалимдерден теориялык билим алып, окуу жайдын телестудиясында, гезитинде практикалык билимибизди арттырдык.

# ОшМУ МЕНИН ЖАШООМДУН ӨЗГӨРҮШҮНӨ ТОЛУК СЕБЕПЧИ БОЛДУ



***Тойчубек Артык уулу***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2017-жылкы бүтүрүүчүсү. Эркин Европа/Азаттык радиосунун Фергана өрөөнүнүн кабарчысы.*

Ош мамлекеттик университетинде алган билимимди азыркы күндө толук колдонуп келем. ОшМУ билим берүү менен гана чектелбей жашоомдо кесибимди, ордумду табууга зор салымын кошуп келет.

Университет – бул адамдын жашоосунда маанилүү бир ролду ойнойт. ОшМУ менин жашоомдун өзгөрүшүнө толук себепчи болду.

2013-жылдын күз айында факультетти аттагандан баштап журналистикага кадам таштадым. Алгач мен техникалык баазасына көп кызыктым. Университеттин техникаларын колдонуп далай видео, сүрөт тартып тажрыйба топтодум. Ошол учурда мени жана менин тайпалаштарымды колдоп, эркиндик берип, чектебеген эжекелеримдин баары азыр мен үчүн сыйлуу.

Университет өзүнүн студенттерине билимдин багытын гана көрсөтөт. Анын артынан түшүп, изденип, билим жолуна түшүү бул студенттин тандоосу.

Менин багытымды көрсөтүп, билимге үндөгөн Ош мамлекеттик университетинин мындан нары өнүгүшүн каалаймын, 85 жашың кут болсун. ОшМУ, бийиктей бер!



# ОшМУ ЧОҢ ТУРМУШКА ДАЯРДООЧУ ИНСАНИЯТ ОРДОСУ!



***Бекназар Ысабек уулу***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2018-жылкы бүтүрүүчүсү. «ЭЛТР» мамлекеттик телерадио компаниясынын «Мурас» бөлүмүнүн редактору.*

Менин журналистика жаатындагы эмгек жолум, эң алгач ММКнын басма сөз тармагына аралашуу менен башталган. Мектепте жогорку класста окуган окуучулук доорумда, (2012-ж) Журналисттер коомдук бирикмесинин демилгеси, чет элдик демөөрчүлөрдүн колдоосунда ишке ашкан «Данек» өспүрүмдөр гезитинде мектеп кабарчысы болуу менен башталган. Андан соң Ош шаарында, жаш журналисттер жана ыктыярчылар үчүн 3 айлык онлайн журналистика мектеби ачылып жатканын угуп, бул мектепке кабыл алындым. Аталган мектепте макаланын баланстуулугун камсыздоочу түрдүү эксперттер, респонденттердин ой пикирин кошуп чагылдырган, Ош шаарынын маданий-социалдык жашоосу, турмуш көйгөйлөрүн чагылдыруучу маанидеги, кыска мазмундуу аналитикалык 10 макала даярдадым. Бул үчүн алтын

сертификат ээси аталдым. Бул мектепте бир ай окуп, эки ай эмгектенип мени онлайн журналистика мектебин ийгиликтүү аяктап, алтын сертификатка ээ болуума себепчи болгон макалалар арасында «Жайында бассейнсиз калган балдар», «120 жаштагы Орозбүү апа», «Жайкы каникулун пайда менен өткөргөн окуучулар» аттуу коом турмушун чагылдырган макалалар, «Туристтердин көз жоосун алган Сулайман тоо», «Жарамазан айтуу» сыяктуу фоторепортаждар бар. Аталган онлайн мектепти аяктаган соң медиа тармагына шыктануум ого бетер артып республиканын ММК бирикмелери уюштурган «Media literasy course» аталыштагы ММКнын негиздери боюнча атайын курс, «Жарандык журналистика жана социалдык медиа» лагери, «Журналисттердин коопсуздук жана адам укуктары боюнча маалымат берүү жөндөмдөрүн жогорулатуу» тренингине катыштым.

Мына ошентип мен өзүм байкабаган тариздe, өспүрүм кездеги кызыгууларым, аракетим мени журналистика тармагын жашоодогу негизги кесибим ирээтинде тандап (2014-ж) ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетине журналистика адистигине тапшыруума түрткү болду. Окууну бүтөөр жылы өндүрүштүк практикамды өтөгөн «ЭлТР» мамлекеттик телеканалы менин тандоом болуп, бул каналда 1 жыл сыноо мөөнөтү менен (2019) ишке кабыл алындым. Учурда бул каналдын басымдуу

маалыматтарын даярдоочу «Мурас» бөлүмүндө, «Кутман таң» маданий-музыкалык берүүсүндө редакторлук кызматын аркалап келем. Ушул күнгө чейин «Эл сүйгөн хит», «Киномания», «Поэзия кайрыктары» аттуу көрсөтүүлөрдү, таңкы берүү үчүн «Таңкы тамаша», «Психологдон кеңеш», «Шоу дүйнө», «Бир китептин баяны» сыяктуу бир катар маалыматтык мазмундагы рубрикаларды даярдап келем. «ЭлТР» мамлекеттик телерадио компаниясында эмгектенүү менен калктын маданий агартуусуга кошкон салымым үчүн Ош шаардык маданият башкармалыгынын Ардак грамотасы, «ЭлТР» мамлекеттик телеканалынын Ардак грамотасы менен сыйландым.

Адам турмушта 3 нерседен адашпоочу болсо анын өмүрү бактылуулук коштойт деп айтышат. Алар акыреттик дос, ыймандуу жар, татыктуу кесип. Мен тагдыр буюруп булардын экөө ийгиликтүү тандай алдым десем максатка ылайык болот. Менин досторум көп болбосо да жетишээрлик, ал эми кесибим жүрөктөгү эңсөөмдүн көкүрөккө урган добушун угуп тандаган кесибим - журналисттик кесип. Ар бир кесиптин майын чыгарган устасы болбосоң да, өз ишин кынтыксыз аткарган адис болуу үчүн билим алууң керек. Дал ошол билимди алууда ЖОЖдордун орду чоң. Мен тандаган жогорку окуу жай Ош мамлекеттик университети. ОшМУга эң алгач кадам таштаганда, Оштун жаштарын бир аянтка бириктирип келечекте мамлекет үчүн керектүү кадрларды даярдоочу,

казынасы билимге толгон куттуу ордо экенин билгем. Ойлогонумдай болуп, мен университеттеги 4 жыл убакытымда, кесипкөй журналистиканын негизги өзөгүн, журналистикадагы негизги терминдер, ММК каражаттарынын талаптарына шайкеш материал даярдоо жолдорун окуп үйрөндүм. Окуу мезгили кызыктуу интерактивдүү сабактар, өзөктүү талкуулар, теорияны практикага айландыруучу лекция жана практика менен айкалышты. Биз студенттик алтын доорду жөн эле кетирген жокпуз деп айта алам. Анткени сабактан соң, бир катар университеттин жаштар комитети тарабынан уюштурулган өзүбүздү өнүктүрүүчү кызыктуу лекцияларга катышчубуз. Анын катарында лидерлер мектеби, жаш калемгерлер курсу, алып баруучулук курсу жана башка. Ошондуктан 4 жылдык студенттик доорум кантип өткөнүн сезбей калдым десем болот. ОшМУ мага негизги адистигимде билим гана бербестен, инсандык калыптануума карай салып бара жаткан негизги тепкичтердин пайдубалын түзүп берди. Анткени окуу жай аркылуу, ар кандай активдүү жаштар бирикмелерине мүчө болуп, жеке индивид катары өз кызыкчылыгын көздөп жашоону эмес, жалпы «Коом» деп аталган бир максатты көздөгөн инсандар тобунун керектүү мүчөсү болууга үйрөндүм. Ошондуктан ОшМУ - мен үчүн адистикке үйрөтүүчү мекеме гана эмес, жаштардын руханий жана маданий ажатын ачуучу ар тараптуу өркүндөтүүчү, чоң турмушка даярдоочу - Инсаният ордосу!

# ОшМУ МЕНИН СЫЙМЫГЫМ, МЕНИН ЖҮРӨГҮМ



***Зарина Рахманбердиева***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2018-жылкы бүтүрүүчүсү. УТРК Ош телеканалында атайын кабарчы.*

Журналистика жаатындагы эмгек жолумду эң алгач 2018-жылы 7-каналдан баштагам. Журналистика адистиги боюнча алган билимдерим, тажрыйбам кесибимдин мыктысы болууга салымын кошуп келе жатат. Бул үчүн окуу жайыма, окуткан агай-эжекелериме таазим этем.

ОшМУнун менин жашоомдогу орду өзгөчө бийик. ОшМУ мен үчүн сыймык, менин жүрөгүм. Мага билим берип, жашооодо туура жол табышыма, бир кесиптин ээси болгонума себепчи болгон жалгыз окуу жайым. Билим ордосу болгон ОшМУдан билим алганыма сыймыктанам.

Жарашып төрт мезгилдин көктөмүнө,
Көз салып артка карайм өткөнүмө.
Мен дайым сыймыктанам кайда жүрсөм,
ОшМУдан билим алып кеткениме.

## ЭМГЕК ЖОЛУМ «ҮМҮТ» ТВдан БАШТАЛГАН



***Нурдөлөт Таштанбек уулу***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2018-жылкы бүтүрүүчүсү. «ЭлТР» МТРКсында кабарчы жана алып баруучу.*

Журналистикага болгон эмгек жолум студенттик мезгилден эле башталган. 2017-жылы ОшМУнун «Үмүт» телестудиясында оператор, диктор кызматын аркалагам. Андан соң 2018-жылы «ОшТВ» телеканалында диктор болуп эмгектендим.

2020-жылдан 2022-жылга чейин 7-каналда сайтка саякат, кабар маалыматтык программасында диктор болуп иштедим.

2023-2024-жылдар аралыгында «ЭлТР» МТРКда «Кутман таң» жана «Чак түш» программаларынын алып баруучусу болдум.

ОшМУ - менин жашоомдогу орду чоң, анткени мага жогорку билим берип, бир кесиптин, бир өнөрдүн ээси болуп калышыма шарт түзүп берди. ОшМУга терең ыраазычылык билдирем. Ошондой эле бизге таалим берген кадырлуу мугалимдерге устаттарга ыраазычылык. ОшМУда окуп, билим алгандыгыма сыймыктанам.

# ОшМУга 10 ЖЫЛДАН КИЙИН ЖРТ ТЕСТ ТАПШЫРЫП, СТУДЕНТ БОЛГОМ



***Расул Рахманалиев***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2019-жылкы бүтүрүүчүсү. Эркин журналист.*

ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинде журналистика адистиги боюнча билим алгам. Мен ага чейин эле, радиодо, теледе иштеп калган кезим болчу. Журналист катары калыптанып келип, журналист деген кагазың жок болсо болбойт да. Анан билим алууга туура келген. Окутуучуларга рахматымды айтам. 2016-жылы экинчи курска кабыл алынгам. Он жылдан кийин ЖРТ тест тапшырып 138 балл менен студент болгом. Өзүмдөн бир топ кичүүлөр менен группалаш болуп бүттүм.

Мен «ЭлТР» МТРКсында, ЭлФМ радиосунда толук 10 жыл иштедим. Андан кийин «Ош Пирим» медиа холдингинде 3 жыл эмгектендим. Бир эле учурда теле менен радиону айкалыштырып келдим.

Кыргыз Республикасынын маданияттын мыкты кызматкери, Кыргыз тилди өнүктүрүүгө кошкон

салымы үчүн деп «Ыйык тил» төш белгиси, ЭлТРдин мыктысы, «Ала-Too мырзасы» деген сыйлыктарды алгам. ОшМУнун үлгүлүү студент баракчасы менен К.Исаковдун куттуктоосун алгам. Мен бул тармакта 14 жылдан бери иштейм.

ОшМУ менин жашоомдо орду өзгөчө. Ар бир каармандын өзгөчө жашоосу болгон сыңары билим уябыздын аталышын укканда же окуганда өзгөчө сезимдер келет. Билим деңизи болгон ОшМУга айрыкча, кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин жамаатына ыраазылык билдирем.

Маарекеңиздер кут болсун!

# ОшМУдан БҮТКӨНМҮН ДЕП СЫЙМЫКТАНУУ МЕНЕН АЙТЫП КЕЛЕМ



***Мимоза Жанибек кызы***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2020-жылкы бүтүрүүчүсү. 7-канал (Канал «D») телеканалынын кабар бөлүмүнүн редактору.*

ОшМУга студент болуп кабыл алынган жылдан тарта эле «Нур» гезитинин босогосун аттаганбыз. Ал учурда жаңы студент болуп, көп нерсе колубуздан келбей калабы деген бүдөмүк ойлор да жаралчу. Гезиттен текст жазганды үйрөндүм. Жума сайын



гезиттин жаңы санын чыгаруу жалпы команданын милдети эле. Үлгүлүү студенттерден маек алып, аны жазып чыкчубуз. Жазган тексттерибиз кээде жарабай, кызыл ручка менен текшерилип, кызыл жаян барак болуп калчу. Улам текст жаза берип акыры көндүк, үйрөндүк. Гезиттин 1 гана бөлмөсү тар болсо да, 15-20дай студент батып отуруп, үйрөнүшүбүз керек деп, кээде түнкү 12ге чейин калып кетчүбүз. Кийин «Үмүт» телестудиясында жүрдүм. Ал жакта камера, микрофон, студия деген нерселер аябай баалуу болчу. Окуу жайдагы студенттердин жашоо-турмушун чагылдырган программаларды алып чыгып, факультеттеги жаңылыктарды жасачубуз.

Ошентип жүрүп, 2018-жылы «Ынтымак» коомдук-регионалдык телерадиокомпаниясына студент кезимде эле кабарчы болуп жумушка орноштум. Ыраматылык Каныбек Исаков агайыбыз студент болуп, иштеп жүргөндөргө аябай колдоо көрсөтчү. Агайдын колдоосу менен сабактан эркин катышуу алып, жумушка катуу кириштим десем болот.

«Ынтымак» телеканалында алгач кабарчы, алып баруучу болуп иштедим. 2020-жылдан 2023-жылдын күз айына чейин жаңылыктар бөлүмүндө редакторлук милдетти аткардым. Аздыр-көптүр жакшы жумуштарды ишке ашырып, элге пайдам тийди деген ойдомун.


Азыркы учурда Бишкек шаарында 7-каналдын кабар бөлүмүнүн редактору кызматын аркалап жатам.

Кыскача айтканда, журналистика тармагы аркылуу көп ийгиликтерге жеттим десем болот.

ОшМУнун менин жашоомдо, кесибимде орду аябай чоң. Окуу жайдан кесипкөй, билимдүү адис болуп тарбияланып чыктык. Ар дайым ОшМУдан бүткөнмүн деп сыймыктануу менен айтып келем. «Нур» гезитин көтөрүп алып, жатаканаларга тараткан күндөр, ар кандай майрамдык чыгарылыштар, сынактар, айрыкча «Жылдын мыктылары» тандалат деген учурда талыкпай эмгек кылчубуз. Жыл мыктысы аталып, сыйлык алып, төбөсү көккө жеткен студенттик шаттуу күндөр ОшМУда калды.

«Күүгүмү жок, аппак сулуу таңдардай»-деп студенттик күндөрдө ырдалган ырлар азыркыга чейин жүрөгүмдө.

# ОшМУ - КИЧИНЕКЕЙ, БИРОК ТААСИРИ КҮЧ МАМЛЕКЕТКЕ ОКШОЙТ



***Зыягүл Болот кызы***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2021-жылкы бүтүрүүчүсү. Учурда Т-Медиа телеканалында кабарчы.*

Мен журналистика адистигине 2017-жылы тапшырып окуп калдым. 2-курста университеттин «Үмүт» телестудиясында кабарчы болуп иштеп жүрдүм. 3-курста «Т-Медиа» телеканалына практикага келип, ошондон бери ушул жерде кызмат кылып келе жатамын. Жаңылыктарга сюжет, кэпшн видео жасап, сайтка инфографика, кыска жаңылык, макала, лонгрид жазам. «Замандаш», «Журналисттик иликтөө», «Жарандык көзөмөл» сыяктуу чоң материалдарды да жасаганга аракеттендим.

ОшМУ мен үчүн чакан бирок, таасирдүү мамлекет сыяктуу. Мисалы ОшМУда бала-бакчасынан тарта окуунун бардык түрүн окуй алат. Студенттер үчүн жатакана, бейтаптар үчүн дарылай турган ооруканасы бар. Мугалимдер үчүн жайкы эс алуусуна



шарт түзүлгөн. Элин бардык жактан камсыздаган, кичинекей бирок таасири күч өлкөгө салыштарам.

ОшМУ алдыдагы жашоомо багыт түзүп берди. Окуу жайда окуганча эле, университеттин студиясында иштедим. Ал жерден сюжет жасаганды, бокс бергенди үйрөндүм. Журналист болуп калыптанышым үчүн пайдубал болуп берди. Кийин чоң телеканалга келгенимде дароо кызматка алышып, 4 жылдан ашык убакыттан бери бир жерде иштеп жатам.

# ОшМУ – СТУДЕНТТЕРГЕ ТҮЗГӨН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ МЕНЕН ЖАГАТ



***Наргиза Анарбай кызы***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2021-жылкы бүтүрүүчүсү. Т-Медиа каналында Dijital команданын кабарчысы, монтажеру.*

Мен эмгек жолумду студенттик күндөрдүн акыркы жылдарында «Т-Медиа» телеканалынын жаңылыктар бөлүмүндө кабарчы болуу менен баштадым. Андан кийин t-media.kg сайтында кабарчы болуп эмгектендим. 2023-жылы редакцияда атайын социалдык тармактар үчүн контент даярдоого Dijital команда түзүлүп, универсалдуу журналист катары алардын катарына кошулгам. Кыргызстанда жалган маалыматтарга каршы күрөшүү, фактыларды текшерүү үчүн түзүлгөн Checkit Mediaга фактчекер журналисттердин катарында да материал даярдап келем.

ОшМУ менин журналист болууга даярдаган биринчи мектебим, чет өлкөгө чыгарган биринчи тажрыйбам болду. ОшМУ, айрыкча андагы «Үмүт»

телестудиясы мени журналистикадагы эң зарыл көндүмдөргө даярдады. Биринчи курска кабыл алынгандан тарта эле бул телестудиянын эшиги студенттер үчүн ар дайым ачык болчу. Журналистикадан такыр кабары жок, текст жазганды билбеген, монтаж кантип жасалышын түшүнбөгөн биз, телестудиядагы редакторлорду далай кыйнап жүрүп базалык даярдык алган экенбиз. Андагы билим, андагы бир жумалап жүрүп даярдаган 3 мүнөттүк жаңылыктар бизди чоң командага, мактоосунан сыны көп аудиторияга туруштук берүүгө даярдай алган экен. ОшМУ мага студенттерге түзгөн өзгөчө мүмкүнчүлүктөрү менен жагат. Мага «көп саякаттайм, чет өлкөлөргө чыгам» деген максаттарымдын да орундалышы мүмкүн экенин ОшМУ көрсөттү. «Студенттерге мобилдүүлүк программасы бар, Казакстанга барып окуп келсеңер болот» дегенде эч ойлонбой, ата-энеме айтпай барып документ тапшырганым эсимде. Ошондогу жер көрүү, тажрыйба алмашуу менде кесибиме, билимге болгон көз караштарды өзгөрткөн. ОшМУ дегенде бир теманы тапсак талашып талкуулагандан тажабаган группалаштарым, бир үй-бүлөнүн балдарындай отуруп алып эки компьютерди талашып иштеген «Үмүттөгү» кесиптештерим эске келет. Окуу жайдын азыр да өнүгүү жолунда баратканына күбө болуп, ичим жылып калат.

85 жашың кут болсун ОшМУ!

# ОшМУ – БАГЫТЫН ТАППАЙ, ӨЗҮН ТААНЫЙ АЛБАГАН ЖАШ КАНАТТЫН УЯСЫ



***Аймээрим Дарбанбек кызы***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2021-жылкы бүтүрүүчүсү. «Т-Медиа» редакциясынын кабарчысы.*

2021-жылы «Т-Медиа» телеканалынын чакыруусу менен келгем. Алгач жарнамалык бөлүмдө андан кийин сайтта иштедим. Учурда телеканалдын Digital командасындамын. Бүгүнкү күндө жаңылыктарга сюжет, дата материал, социалдык тармак үчүн контент, жарнамалык роликтерге сценарий жазып, фактчек материал жасайм. Т-Медиада редакциясында иликтөө жасаганды да өздөштүрдүм. Жетишкен ийгиликтерим Улуттук журналистиканын «Умтулуу» сыйлыгынын «Айлана-чөйрөнү коргоо» номинациясында команда менен жасаган «Маркумдарга арналып кыйылган арчалар» аттуу иликтөөбүз 1-орунду, Оштун жаңы мэрине арнап жасаган материалыбыз «Эл жана анын бийлиги» номинациясында 3-орунду ээледи.



ОшМУ мен үчүн багытын таппай, өзүн тааный албаган жаш канаттын уясы. Бул уя алыстан келип, адамдардын көзүнөн мээрим издеген ар бир балапанын өлкөгө түркүк кылып, тарбиялап чыгарат. ОшМУ кесип ээси болууга эмес дүйнө таанууга жардам берди. Ар бир студент, окутуучуга түзгөн шарты менен колдоосу өзгөчө. Студенттерге башка мамлекеттен билим алууга түзүп берген мүмкүнчүлүгүн өзгөчө баалайм.

# ЖАШООМДО ОшМУнун ОРДУ ОПОЛ ТООДОЙ



***Айганыш Туратбек кызы***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2022-жылкы бүтүрүүчүсү. Бишкек шаарында Улуттук Телерадиоберүү Корпорациясына караштуу «Музыка» телеканалында редактор, алып баруучу.*

Журналистика жаатындагы эмгек жолум окуу жайда 1-курста окуп жатканымда ОшМУнун «Үмүт» телестудиясында башталган. Анда университеттин жумалык жаңылыктарын айтып, диктор болгонмун. Андан кийин 2019-жылы «NUR» телеканалында жаңылыктар бөлүмүндө кабарчы болуу менен бирге, кечки өлкөнүн негизги кабарларын түз эфирде алып барганмын.

«NUR» телеканалында 2022-жылга чейин эмгектенип, андан кийин «ОшТВ» ТРКда ошол эле жаңылыктар бөлүмүндө кабарчы, диктор болуп улантып, 1 жыл иштегенмин. Ал жерде окуу жайдагы алган теориялык билимин практикада колдонуп, кесиптин кыйынчылыктарын жана артыкчылыктарын иш жүзүндө көрө алдым. Учурда билимимди

тереңдетүү максатында Бишкек шаарындагы «Ала-Тоо» эл аралык университетинде магистратурада окуп жаткан учурум.

ОшМУда окуп жүргөндө иш чараларга активдүү катышып бир катар сыйлыктарга ээ болгонмун.

Бул сыйлыктарга албетте өзүмдүн талбай жасаган аракетимдин аркасында жетиштим. Бирок бул аракеттерди көрө билүү, эмгекти баалоо да чоң сыйга татый турчу нерсе. Мына ошондуктан окуу жайым ОшМУ ар тараптан берген билим, тажрыйбасы үчүн менин жеке жашоомдо, билим тармагымда, эмгек жолумда орду опол тоодой. ОшМУ мен үчүн - үйүндөн алыс жургөндө үй, жакындарың жанында жокто - үй бүлө, билимге суусап турган кезде – сапаттуу билим уясы!

ОшМУда окуганымды кайсыл жерде болбосун СЫЙМЫКТАНУУ менен айтып келемин. Рахмат сага, ОшМУ!

# ОшМУдагы 4 ЖЫЛДЫН БААСЫ ЭЧ НЕРСЕГЕ ТЕҢДЕШПЕЙТ



***Нургелди Каныбек уулу***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2022-жылкы бүтүрүүчүсү. «Т-Медиа» телеканаалында кабарчы, алып баруучу.*

Мен 1-курста окуп жатканда эле студенттик «Нур» гезитинде макала жазууну үйрөнүп, кабарчы болгом. Гезитте эки жылдай жүрүп, жаңылык, маалымат менен иштөөнү үйрөнө баштадым. «Нур» гезити чакан гана кишилерден турганы менен кызыктуу маалыматтар чыкчу. Эң алгач «Жашыл майсаңда телчиккен талант» деген аталышта макалам чыккан. Бул азыркы күнгө чейин эсимде. Анда гезиттин редактору Мелис Маматжанов агай эле. Гезитте маяна деген төлөнбөйт, студенттерди шыктандыруу үчүн жылына бир ирет премия берилчү. Мага 1500 сом берилген. Анда макаланын аягына атым жазылганына эле сүйүнчүмүн.

2021-жылдын жаз айларынан бери «Т-Медиа» телеканалында иштеп келүүдөмүн. Универсалдуу журналисттерге талап күчөгөн сайын, «Т-Медиа» дагы агымга жараша бир эле учурда текст жазып, камера

тартып репортаж жасоого үйрөтүп келет. Журналисттик кесипте ийгиликтин эң чоңу журналист көтөргөн маселенин, көйгөйдүн чечилиши накта ийгилик болот. Мыйзамсыз сатылган жер тилкелердин кайтарылышы, таза суу көйгөйүнүн чечилиши, бала бакча, мектеп, оорукана жетишсиздиги тууралуу көйгөлөр бардык аймактарда бар. Журналисттер качан гана көйгөйдү чагылдырып, оң тарапка чечилгенде кубана берсе жарашат.





2023-жыдын күз айларында «Ноокаттагы ички жолдо акча жасагандар» аталышында жаңылыктар берүүсүнө материал чыгардым. Анда Кыргызавто жол ишканасынын кызматкерлери сол чөнтөккө акча иштеп жатышкан. Маселеге Транспорт жана коммуникация министрлиги чара көрүп, кызматкерди жумуштан четтеткен. Бул жагдайда казынага түшпөй калган

каражатты кайтаруу менин ийгилигим деп айта алам. Аны сыңарындай аймактагы социалдык маселелердин чечилүү жолдорун кошо издеп, калкты маалымат менен камсыздап жатабыз. А жасаган материалдарым үчүн сыйлыкка татый элекмин, сынактарга жиберүүгө кызыкпай жүргөм, эми кызыгуу пайда болуп жатат.

ОшМУдагы 4 жылдын баасы эч нерсеге теңдешпейт. Бул убакыт аралыгында аздыр-көптүр билим алып, калем шилтегенди үйрөнүп, уядан учтук. Университет башка окуу жайларга салыштырмалуу 2-3-курстан баштап ММКларга аралашууга мүмкүнчүлүк түзүп бергени менен дайыма артыкчылык алып келет. Мындай шарттар өлкөдөгү бир топ билим берүү мекемесинде кездешпейт. Муну менен ОшМУ заман талабына шайкеш, адистик менен жуурулушуп кете алган жаштарды өстүрүп жатат десем жаңылышпайм. Окуу жайдагы устаттарыма терең ыраазычылык билдирем! ОшМУнун 85 жылдык маарекеси кут болсун!

# ОшМУ – ЖАРКЫН КЕЛЕЧЕККЕ ЖЕТЕЛЕГЕН ИШЕНИМДҮҮ ДОС!

***Кадырбек Абиев***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2022-жылкы бүтүрүүчүсү. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин алдындагы «Кыргыз көмүр» мамлекеттик ишканасынын түштүк филиалынын маалымат борборунун жетекчиси жана басма сөз катчысы.*




Эмгек жолум 2019-жылы “Kloop media” сайтында стажировкадан өтүү менен башталган.

2021-жылы Ош шаарынын мэриясына караштуу турак-жай коммуналдык башкармалыгында маалымат катчы кызматында эмгектендим. Ошол эле жылы Ош шаарынын мэриясына караштуу жарандарды тейлөө бюросунда маалымат катчы кызматында эмгектендим.

ОшМУ – жаркын келечекке жете турган ишенимдүү дос! ОшМУда окуп, окуудагы жана коомдук-маданий иштердеги көптөгөн ийгиликтерге



жетиштим. Дос таптым, тааныш таптым. Эң негизгиси туура кесип таптым. Изденген жаш достор бир аз эле аракет жасап койсо ОшМУ калган көптөгөн ийгиликтердин эшигин ачып берет. Студенттик эң таттуу көз ирмемдер ОшМУда калды, ал өмүр бою унутулбай турган баалуу жылдарга айланды.

ОшМУда окуп жатып президенттик «Үмүт» стипендиясына жетише алдым. Өлкөбүздүн эң алдыңкы 80 студентинин катарына кире алдым. Бул мен үчүн эң чоң жетишкендик.

ОшМУ – ишенимдүү дос жана туура багыт көрсөтө алган куттуу окуу жай!

# ОшМУ – МЕНИН СТУДЕНТТИК КҮНДӨРҮМДҮН КҮБӨСҮ

***Аймээрим Гульжигитова***
*ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин 2023-жылкы бүтүрүүчүсү. УТРК Ош телеканалында офис-менеджер жана «Интеллект» берүүсүндө алып баруучу.*



Журналистикага жаңы тапшырган студенттердин көпчүлүк бөлүгү катары мен да алгач ОшМУнун «Нур» гезитинен баштагам. Ал жактан макаланы туура жазууну, маңыздуу жана кызыктуу интервью алууну үйрөнгөнмүн. «Нур» гезитинде 1-курстан тартып, дээрлик 2 жылдан ашык убакыт иштеп жүрдүм. Ошол учурда өзүмдү ар тараптан сынап көргүм келчү, кандайдыр бир убакыт аралыгында ОшТВнын котормо студиясында кинолорго үн коштоп да иштедим, андан соң, «Ынтымак» КРТРКсында СММ адиси катары тажрыйба өтөп жүрдүм. Мына ушул убактан тартып мен жогоруда аталган телеканалда СММ адиси, бир аз убакыт өткөндөн кийин сайт кабарчысы болуп эмгектенип жүрдүм, ал эми азыр болсо ушул эле телеканалда офис-менеджер болуп эмгектенип келем. Мен өзүмдү ар тараптан сынап

көрүүнү жактырам. Ошондуктан телеканалда иштөө менен биргеликте мугалимдер үчүн арналган «Билим булагы» гезитинде ай сайын менин калемиме таандык болгон кызыктуу макалалар жарыяланып келет. Ал эми журналист катары болсо, макалалардын сынагына катышкан учурларым болгон. Кесипке байланыштуу тренингдерди калтырбай активдүү катышууга аракет кылам.

ОшМУ – менин студенттик күндөрүмдүн күбөсү. Анткени, дал ушул университеттин дубалдарында менин студенттик күндөрүм, алгачкы ийгиликтерим, ыйлаганым, күлгөн убагым калган. Тайпалаш досторум менен алгачкы таанышкан көз ирмемдерим жана акыркы жолу коштошкон учурларым сакталган. Окуп жургөн учурда тезирээк окууну бүтсөк деп кыялданчумун, азыр болсо «кайда шаштым экен?», ошондо досторум менен жыргап ойноп күлүп алсам болмок деп ойлоп коём. Бирок кантсе да, азыркы учурда менин журналист досторум жергиликтүү ЖМКлардын эң алдыңкы кызматкерлеринин бири. Бул да ОшМУ үчүн сыймык деп эсептейм!

ОшМУ бизге чейин да чыгаан, калеми курч журналситтерди тарбиялап келген, мындан кийин да бул окуу жайдан эң мыкты делген бүтүрүүчүлөр чыгаарына шегим жок.

# *Мазмуну*

*Баш сөз................................................................3*
*Төлөнов Байыш ......................................................7*
*Акаев Жанарбек ....................................................10*
*Кожоева Жыпаргуль ..............................................12*
*Газиева Гүлзат ......................................................14*
*Аюпова Таттигуль ..................................................18*
*Алдакулов Тургунбай..............................................21*
*Кадырбек Нуркыз.....................................................25*
*Эрмекбаев Толкун ..................................................27*
*Чыдынов Космосбек................................................29*
*Бокошева Миргүл ..................................................31*
*Айдаров Жеңиш .....................................................33*
*Калыкулов Керимбек...............................................35*
*Ниязалиев Медербек ..............................................36*
*Азимкулов Өмүрзак ................................................38*
*Абдылдаев Айбек....................................................40*
*Баймуратов Аскарбек ............................................42*
*Урустамова Гүлүмкан ............................................44*
*Ажибеков Алибек....................................................46*
*Ажиматова Гульжан ...............................................48*
*Маматжанова Зарина .............................................50*
*Нуралиева Зинагул.................................................52*
*Каракозуев Асанбек ...............................................55*
*Сабирахунова Кыял................................................58*
*Ибрайимова Зыйнат ...............................................60*
*Асанова Самара.......................................................62*

*Нурматов Эрнис.........................................................63*
*Орозматов Акылбек...................................................66*
*Жапаров Кайратбек...................................................69*
*Орозматова Жылдыз..................................................71*
*Абсаттаров Азамат...................................................73*
*Сулайманкулов Жумамидин.........................................75*
*Жанибек кызы Мырзайым...........................................79*
*Ташматов Ныяз.........................................................82*
*Муратбек уулу Эрмек.................................................85*
*Акимбек уулу Маратбек..............................................86*
*Акжол уулу Адылбек...................................................88*
*Парпиева Самара .......................................................90*
*Талантбек кызы Гүлшайыр.........................................92*
*Маматсадыкова Кенжебү............................................95*
*Кочкор кызы Элиза....................................................97*
*Капарова Жылдыз....................................................100*
*Зарипбек уулу Бекзат...............................................103*
*Акматова Адашгул ...................................................105*
*Мамасадыков Казыбек.............................................108*
*Нуркамил уулу Бексултан........................................110*
*Артык уулу Тойчубек...............................................115*
*Ысабек уулу Бекназар..............................................117*
*Рахманбердиева Зарина ...........................................121*
*Таштанбек уулу Нурдөлөт........................................122*
*Рахманалиев Расул...................................................123*
*Жанибек кызы Мимоза............................................125*
*Болот кызы Зыягүл...................................................128*
*Анарбай кызы Наргиза.............................................130*

*Дарбанбек кызы Аймээрим*...........................................132
*Туратбек кызы Айганыш*.............................................134
*Каныбек уулу Нургелди*...............................................136
*Абиев Кадырбек*..........................................................139
*Гульжигитова Аймээрим*.............................................141

**«ОшМУдан медиага карай...»**

**Редакциялык кеңеш:**

*Н. Мапаева, З. Нуралиева, Ч. Абдиева*

*Калыпка салган: Д. Бектемир уулу*

ОшМУнун “Билим” редакциялык басма бөлүмү